1991-жылы март айында УПОВдун Эл аралык конвенциясы биротоло кабыл алынган. Кунумдук жашоо жагдайларынан улам, есумдуктердун жаны сортторун коргоо учун эл аралык укуктук нормалар иштелип чыккан. Бугунку кундо 4бдан ашык олкелер, анын ичинде Россия Федерациясы, Украина, Молдова ушул конвенциянын мучолеру болуп эсептелет.

Кыргыз Республикасы 2000-жылы июнь айында УПОВдун Эл аралык Кошунунун мучесу болуп калды. Ушул мезгилде Грузия, Озбекстан, Казакстан, Тажикстан Кошунга мучо болуп кирууге даярданууда.

Илимий-техникалык жана биологиялык прогресстин енугушу жана ошондой эле Кыргыз Республикасынын агрардык елке экендиги рынок мамилелеринин шартында, дуйнонун кептоген елкелерунде кабыл алынгандай, есумдуктердун жаны сортторун жана жаныбарлардын (малдардын)

тукумдарын укуктук коргоо менен байланыштуу маселелерди мыйзамдуу турде женге салуу зарылчылыгы пайда болду.

Ушуга байланыштуу Кыргыз Республикасынын Окметунун алдындагы интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентствосунда (Кыргызпатент) 1995-жылы "Селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоо женунде" (мындан ары - Мыйзам) Кыргыз Республикасынын мыйзамынын негизинде селекциялык жетишкендиктерди укуктук коргоону жузеге ашыруучу селекциялык болум (бугунку кунде селекциялык жетишкендиктердин экспертиза белуму) тузулген. Мыйзам Кыргыз Республикасынын Жогорку Кецешинин мыйзам чыгаруу жыйыны тарабынан 1998-жылы 26-майда кабыл алынып, 1998-жылы 26-июнда колдонууга киргизилген. Бул мыйзам 1991-жылдагы Эл аралык конвенциянын талаптарына жооп бериши боюнча УПОВдун 23-сессиясында он баасын алды.

Мыйзамдын долбоору Граждандык кодексте камтылган селекциялык жетишкендиктерге болгон укуктарды укуктук женге салуунун негизги принциптерин андан ары енуктурет.

Кыргыз Республикасынын патентгери берилген селекциялык жетишкендиктерди тузууге (аныктоого, чыгарууга), пайдаланууга жана укуктук коргоого байланыштуу келип чыгуучу мулктук жана жекече мулктук эмес мамилелер мыйзам менен женге салынат.

Кыргыз Республикасынын Окмету бекиткен тизмеге ылайык бул мыйзам бардык ботаникалык жана зоологиялык турлер менен тукумдарга карата колдонулат. Азыркы кунде Окметтун 28. 08. 98-жылдагы № 572 жана 24. 04. 1999-жылдагы № 170-токтомдору менен жаныбарлардын тукумдары менен есумдуктердун турлеру бекитилген. Булар негизги айыл чарба жаныбарлары, ошондой эле республикада естурулуучу турмуштук эн маанилуу есумдуктер болуп саналат.

Мыйзамга ошондой эле "Селекциялык жетишкендикке патент алууга етунме тузуунун, беруунун жана карап чыгуунун эрежелери" (мындан ары - Эрежелер) тиркелген, анда ушул Мыйзамга ылайык етунмену тузуунун, анда эмнелер болушу керектигинин эрежелери, Кыргызпатенттин етунмену карап чыгуусунун шарттары белгиленет, Мыйзамды учунчу тараптардын колдонушу боюнча тушундуруулер камтылат. Бул эрежелер, Мыйзамдын езу сыяктуу эле, УПОВ Эл аралык кошундун талаптарына ыцгайлаштырылган.

Ошондой эле Мыйзамдын курамдык белугу болуп Селекциялык жетишкендиктерди патенттегендиги учун алымдар женунде жобо эсептелет, ал ушул Мыйзамга ылайык иштелип чыккан жана анда ушул Мыйзамда караштырылган юридикалык орчундуу иш-аракеттерди жасагандыгы учун алым телеенун тартиби, алардын елчемдеру жана телеенун меенеттеру аныкталган.

Бул Мыйзамды аткаруу боюнча жарандар, фермердик чарбалардын жетекчилери, селекционерлер эмнелерди билиши керек?

Биринчиден, селекциялык жетишкендиктерге берилген етунменун ээси етунмену атайын бланкада Эрежеге ылайык толтуруп, Кыргызпатентке берген селекционер, иш беруучу же алардын укук мураскери болушу мумкун. Арыз менен бирге алым женунде Жобого ылайык алым теленет. Андан кий-

ин селекциялык жетишкендиктердин экспертиза болуму етунмо документтерин толтуруунун тууралыгына эки айлык алдын ала экспертиза жургузет. Эгерде ©тунменун материалдары Эреженин талабына жооп берсе, анын етунмесу карап чыгууга кабыл алынгандыгы женунде етунме ээсине билдируу жиберилет. втунменун материалдары менен коомчулукту тааныштыруу учун алар Кыргызпатенттин официалдуу бюллетенинде жарыяланат. Ал эми айрым учурларда втунменун документтерин жарыялоодо селекциялык жетишкендиктер башка селекционер тарабынан тузулгендугу ачыкка чыккан учурлар кездешет. Мындай селекциялык жетишкендиктин автору апелляция берет жана иш кээде сотко чейин жетет.

Андан ары етунменун материалы жарыялангандан алты ай еткенден кийин, эгерде бул етунмеге башка адам тарабынан доо коюлбаса, етунме ээсине селекциялык материалды коргоого жарамдуулугуна экспертизага женетулгендугу женунде билдируу жиберилет.

всумдуктердун сорту боюнча - айыл чарба есумдуктерунун сортторун сыноо боюнча Мамлекеттик: комиссиясы, ал эми жаныбарлардын (малдардын) тукумдары боюнча - Айыл чарба жана кайра иштетуучу енер жай министрлигине караштуу Мамлекеттик асыл тукум малдын инспекциясы жургузет.

Селекциялык жетишкендиктер жаны экендиктин шарттарына жооп бериши, башкалардан айырмалуу, бир турдуу жана калыптанган болушу керек. Селекциялык жетишкендик ушул шарттарга шайкеш келгенде, Мамкомиссиянын же Мамлекеттик асыл тукум малдын инспекциясынын чечиминин негизинде Кыргызпатент билдирилген селекциялык жетишкендикке патент берет, ал эми патент женунде маалыматтар корголуучу селекциялык жетишкендиктердин Мамлекеттик реестрине киргизилет.

Селекциялык жетишкендикти укуктук коргоо дал ушул учурдан башталат, ошондой эле патент ээсинин укугун бузгандыгы учун Мыйзамдын 27-статьясына ылайык граждандык, административдик жана кылмыш жоопкерчилиги дал ушул учурдан тартып колдонула баштайт.

Патент ээсинин езгече укуктарына карата ушул Мыйзамдын талаптарын аткарбаган, анын устуне патент ээсинин уруксатысыз Кыргыз Республикасына урон, асыл тукум материалын же башка бир селекциялык жетишкендикти ташып келген адам же юридикалык тарап патентти бузуучу болуп, ал эми селекциялык жетишкендик - контрафакт болуп эсептелет.

Мыйзам менен эч качан корголбогон же корголуусу токтотулган, Кыргыз Республикасына башка мамлекеттерден алынып келген селекциялык жетишкендиктер контрафакт деп табылат, бирок алар биздин республикада ушул Мыйзам менен корголот.

Алсак, КРдин Административдик Кодексинин 339-статьясына ылайык патент ээсинин езгече укуктарын бузуу фаждандарга - бештен онго чейинки, кызмат адамдарына - жыйырмадан отузга чейинки минималдык эмгек акынын олчомунде административдик айып салынуу менен бирге патенттелген ойлоп табууну, пайдалуу моделди же енер жай улгусун камтыган продукт, корголуучу ыкма менен даярдалган продуктулар, тузулуштерду иштеткенде же пайдаланганда корголуучу ыкма автоматгуу турде аткарыла

турган болсо, ушул тузулуштер, ошондой эле контрафактылык селекциялык жетишкендиктер конфискацияланат. Мындан сырткары Мыйзамдын 28-статьясына (Патент ээсинин укуктарын коргоо) ылайык патент ээси укук бузуучудан темендегулерду талап кылууга акылуу:

а) патент ээсинин укугун таанууну (ендурууге жана кайтадан ендурууге укук);

- кийинки кебойтуу учун себуу конденсациясына чейин жеткирууну;
- сатууга чыгарууну;
- сатуунун башка турлерун;
- Кыргыз Республикасынын аймагынан ташып чыгууну;
- Кыргыз Республикасынын аймагына ташып келууну;
- жогоруда саналгандардын максатында сактоону;

б) укугу бузулганга чейинки болгон абалды калыбына келтирууну жана укугун бузуп жаткан же укугун бузууга алып келуучу аракеттерди токтотууну;

в) тарткан зыяндарынын, анын ичинде кербей калган пайдасынын ордун толтурууну;

г) тарткан зыяндарын кайтарып алуунун ордуна патент ээсинин укуктарын бузуу жолу менен укук бузуучу алган кирешени анын кайтарып беруусун;

д) алардын укуктарын коргоо менен байланышкан башка нормативдик-укуктук актыларда каралган чараларды керууну.

Ушул статьянын "в" жана "г" пунктчаларында аталган чаралар патент ээсинин тандаганы боюнча колдонулат.

Патент ээси озунун укугун коргоо учун сотко, ошондой эле алардын комнетенциясына ылайык тергее органдарына кайрылууга акылуу.

Патент ээсинин укугун бузуу жонунде маалыматтардын болушунун негизинде тергоо органы же сот контрафакт деп болжолдонгон селекциялык жетишкендикти издее жана барымтага алуу учун чара коруугe милдеттуу.

Ырас, Мыйзамда "селекционердин укугундагы эрежеден четтевлер" деп аталган жобо бар, алсак 25-статьяда (Патент ээсинин укугун бузуу болуп табылбаган аракеттер) томендегулвр патент ээсинин укуктарын бузуу деп таанылбайт:

- жеке жана коммерциялык эмес максатта жасалса;
- эксперименталдык максатта жасалса;
- жаны селекциялык жетишкендикти чыгаруу учун баштапкы материал катарында корголгон сортту, малдын тукумун колдонуу боюнча аракеттер жана, Мыйзамдын 24-статьясынын 4-белугунде караштырылган учурдан белок учурда, ушул Мыйзамдын 24-статьясынын 1-белугунде аталган

темендегу ушундай башка селекциялык жетишкендиктерге карата жасалган аракеттер;

• корголгон сорттордон, тукумдардан анчалык айырмаланбаса;

• урен ендуруу учун корголгон сортгорду бир нече ирет пайдалануу талап кылынса;

• ишканада эки жылдын ичинде алынган осумдук материалын ошол ишкананын аймагында сортту остуруу учун урен катары пайдалануу. Мындай есумдуктердун турлерунун тизмесин Кыргыз Республикасынын Окмету аныктайт;

• ушул ишканада пайдалануу учун товардык малды кайталап естуруу.

Чет елкелук практикада "фермердин привилегиясы" деп аталган ушул статьянын акыркысынын алдындагы пункт есумдуктердун 14 туруне карата колдонулат, алардын урендерун ишкананын аймагында айдоо аянты 20 гектардан ашпаган дыйкан (фермердик) чарбаларга гана эки жыл естурууге уруксат берилет. Калган айыл чарба ендуруучулеру менчиктин формаларына жана айдоо аянтынын елчемдеруне карабастан патент ээсинин укуктарын сактоосу зарыл (КРдин вкметунун 1998-жылдын 28-августундагы № 572 жана 1999-жылдын 24-мартындагы № 170-токтомдору).

Патенттелген селекциялык жетишкендик ишке ашырылган учурда патент ээси "акыйкат сый акы" алышы учун сатып алуучу менен лицензиялык келишим тузушу зарыл, ал Кыргызпатентте каттоого алынат, ал эми каттоого алынбаган мындай келишим жараксыз болуп эсептелет (сатып алуучу Кыргызстанда демейде урен естуруучу компаниялар болуп саналат, алар селекционер берген сортгорду естуруп, кебейтушет).

Лицензиялык келишим каттоого алынбаган учурда патенттелген селекциялык жетишкендикти ташып чыгууга, ошондой эле мындай селекциялык жетишкендикти ташып келууге аракет жасалганда Мыйзамдын 39-статьясына ылайык (Ташып келууну жана ташып чыгууну кеземелдее) Кыргыз Республикасынын бажы пунктунда ал контрафакт болуп саналат жана ал бардык себептер аныкталганга чейин барымтага алынат.

Кыргыз Республикасында жаны нормативдик актылардын жана административдик структуралардын болбогондугунун себептери боюнча 1992-жылдан 1995-жылга чейин селекциялык жетишкендиктерге етунмелер берилген эмес.

Кыргызпатентгин структурасына 1995-жылы селекциялык жетишкендиктерди коргоо белуму киргизилип, Селекциялык жетишкендиктер женунде убактылуу жобо кабыл алынгандан кийин жана Мыйзам колдонууга киргизилгенден кийин Кырызпатентке 2001-жылдын 1-январына карата есумдуктердун сортторуна жана жаныбарлардын (малдын) тукумдарына 34 етунме тушкен. Алардын ичинен алдын ала экспертиза еткеруу баскычында 16 етунмеге он чечим, 3 етунмеге терс чечим чыгарылган. Бул мезгилдин ичинде 15 патент берилген, алардын ичинен малдын тукумдарына 11 (Мал чарбачылык институгу) жана есумдуктерге 4 патент берилген.

Патенттер "Кыргызская односемянная 70" кант кызылча сортуна (кант кызылчасы боюнча Кыргыз тажрыйба - селекциялык станциясы),

"Эритроспермум 13" буудай сортуна (Кыргыз дыйканчылык ИИИси), "Чельпек" картошка сортуна (Кыргыз дыйканчылык ИИИсинин Ысык-Кел тажрыйба селекциялык станциясы) жана "Кыргызская 3" пахта сортуна (Пахтачылык боюнча Кыргыз тажрыйба станциясы) берилген.

Кыргыз агрардык академиясы тиешелуу алым телегон сон, Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдее институтунун селекциясындагы "Лютесценс 42", "Эритроспермум 760", "Кызыл дан", "Бермет", "Мелянопус 223" буудай сортторуна жакында патентгер берилет.

Кыргыз дыйканчылык илимий-изилдее институтунун селекциясындагы "Кыял", "Тилек", "Достук", "Адыр" сортгорунун коргоого жарамдуулугуна Мамкомиссия тарабынан сынак жургузулууде.

Машина сыноочу станциянын (МСС) айыл чарба кооперативинин селекционерлери буудайдын 2 соргуна, арпанын 2 сортуна 4 етунме берип, ошону менен Кыргыз агрардык академиясынын атаандашы болуп калды.

Кыргыз агрардык академиясынын каражатгын жоктугуна шылтоо кылып, жаны сортторго етунмелерду ете жай берген фактылары тынчсыздандырбай койбойт.

Жайыт жана тоют боюнча Кыргыз ИИИсинин селекциясындагы "Манас" бедесине, "Жылдыз" жээк топчу баш (кострец береговой) тоюгтук сортторуна патент берилгендиги жана Мамлекеттик реестрде катталгандыгы учун ушул убакка чейин алым телене элек. Кыргыз дыйканчылык ИИИсинин селекциясындагы арпанын сортторун коргоого етунме бериле элек.

Отунменун, аны менен кошо селекциялык жетишкендик женунде суреттоменун жоктугунан селекциялык жетишкендиктин ошол сортуна башка адам етунме берген учурда анын чыныгы автору ким экендигин айырмалап билуу мумкун болбой калат. Ошондуктан патент башка ысымга берилип калышы мумкун. Мындай учурлар эл аралык практикада да кездешет.

Мындан тышкары, Мыйзамда "ойлоп табуунун жацылыгы" деген тушунук бар. Эгерде, селекционер езунун жацы сортун республиканын аймагында жыл бою, анын чегинен сырткары жакта 4 жыл сатып, анан Кыргызпатентке етунме берген учурда, ал меенетунун етуп кеткендиги боюнча кабыл алынбайт, анткени ал сорт жаны деп эсептелбейт. Ошондой эле ал андан ары коргоо укугун жоготот.

Учурдан пайдаланып, ышкыбоз селекционерлерге, фермерлерге, эгерде алардын коргоого жарамдуу селекциялык жетишкендиктери болсо, укуктук коргоого етунме берууну сунуш кылар элек. Селекциялык жетишкендиктерге патент алуу боюнча етунме толтуруу жана анын башка жол-жоболору женунде Кыргызпатентте таанышсацыздар болот.

7



# ЭЛ АРАЛЫК КЫЗМАТТАШТЫК

# БЕЛГИЛЕРДИ ЭЛ АРАЛЫК КАТТОО ЖвНУНДО МАДРИД МАКУЛДАШУУСУ

***К.А. Касыбекова*** - *Кыргызпатенттин товардык белгилерди, географиялык керсвткучтврду жана эл аралык белгилерди эксперттвв болум башчысынын орун басары*

Товардык белгилерди эл аралык каттоо тармагында белгилерди эл аралык каттоо женунде Мадрид макулдашуусу (1891-ж.) жана Мадрид макулдашуусуна Протокол (1989-ж.) колдонулат.

Кыргыз Республикасы 1994-жылдын 14-февралынан тартып Товардык белгилерди эл аралык каттоо женунде Мадрид макулдашуусунун катышуучусу болуп саналат. 2001-жылдын январына карата 52 мамлекет Мадрид макулдашуусунун катышуучусу болуп саналат.

Белгилерди эл аралык каттоо алардын ээлерине бир катар артыкчылыктарды берет: белги жаралган елкесунде катталгандан кийин анын ээси езунун товардык белгисине кайсы елкелерде укуктук коргоо алууну кааласа ошол елкелерду керсетуп бир гана етунме бериши керек, жана да етунмену бир гана тилде (француз тилинде) бериши зарыл, ошондой эле ал ар кандай макулдашуучу мамлекеттердин улуттук ведомстволоруна ар кандай тилде езунче етунме беруунун ордуна жана ар бир ведомствого, езунун кызыкчылыктарын билдирген патенттик ишенимдуу екулдорге ар кандай алымдарды телеенун ордуна Эл аралык бюрого бир эле алым телейт.

Белгилерди эл аралык каттоо улуттук ведомстволорго да пайдалуу болуп саналат, анткени ал иштин келемун азайтат жана Эл аралык бюро телетуп алган алымдардын улушу коргоо суралган макулдашуучу мамлекеттерге берилет.

Белгилерди эл аралык каттоо женунде Мадрид макулдашуусу ачык макулдашуу болуп саналат, б.а. Париж конвенциясынын ар бир мамлекет-катышуучусу ага кошула алат.

Эл аралык каттоо макулдашуучу мамлекеттердин биринин жараны тарабынан, же болбосо макулдашуучу мамлекеттердин биринин аймагында туруктуу жашаган жери (же журген жери) бар же чыныгы иштеген жана фиктивдуу эмес енер жай же соода ишканасы бар жеке адам же юридикалык жак тарабынан суралышы мумкун.

Мадрид макулдашуусунун чегинде эл аралык каттоого етунме бергенге чейин белги ал жаралган елкенун Патенттик ведомствосунда алдын ала каттоодон еткерулген болушу керек. Эл аратык каттоого етунме белги жаралган елкенун Патенттик ведомствосуна берилет, андан кийин ушул ведомство аны ИМДУнун Эл аралык бюросуна женетет.

Белгини Эл аралык реестрде каттоо жол-жоболору аяктагандан кийин Эл аралык бюро белгинин эл аралык каттоого алынгандыгы тууралуу маалыматгарды жарыялайт жана етунме ээси белгиге кайсы макулдашуучу

елкелерден коргоо сураган болсо, ошол елкелердун ведомстволоруна бул женунде билдируу жиберет.

Ар бир макулдашуучу елкенун ведомствосу бир жылдын ичинде Мадрид макулдашуусунун чегинде (5-ст.) белгини ез аймагынды каттоодон толук же жарым-жартылай баш тарта тургандыгы женунде мындай баш тартуунун бардык себептерин милдеттуу турде корсетуY менен билдирууге укуктуу. Андан ары етунме ээсинин мындай баш тартууга каршы датгануу жол-жобосу каттоодон баш тартуу женунде чечим чыгарган ведомство караган елкенун улуттук мыйзамдарынын талаптарына ылайык жургузулет. Эгерде кызыкдар елкенун ведомствосу жогоруда корсетулген меенеттун ичинде белгини каттоодон баш тарткандыгы женунде билдирбесе, анын каттоосу улуттук каттоого алынгандагыдай эле кучке ээ болот.

Мадрид макулдашуусунун расмий тили француз тили болуп саналат.

ИМДУнун Эл аралык бюросу белгинин экспертизасын етунменун туура тузулгендугун текшеруу кез карашынан гана жургузет: етунмену тузууге карата бардык талаптар сакталгандыгын, тиешелуу алымдар менен жыйымдар теленгендугун текшерет. Ал белгини каттоодон баш тартуунун акыйкаттуулугуна карата ез пикирин айта албайт жана бул баш тартууга байланыштуу келип чыгуучу маселелерди женге салуу ишине эч канчалык кирише да атбайт.

Эл аратык каттоо елкенун базалык улуттук каттоосуна киргизилген, ошол елкеде чыгарылган товарлар же корсетуучу кызматтар учун, же ушул товарлар менен кызмат керсетуулордун белугу учун гана суралышы мумкун. Белги ал жаралган елкенун ведомствосунун улуттук реестрине бир эле анын ээсинин (эгерде алгылыктуу болсо, етунме ээсинин) атына киргизилген жана эл аралык каттоонун етунмесуне киргизилген товарлар же кызмат керсетуулер ар кандай улуттук базалык каттоолор менен толук камтылган шартта эл аралык каттоого етунме бир эле белгинин ал жаралган елкеде эки же бир нече улуттук базалык каттоолоруна негиздениши мумкун.

Белги жаралган елке болуп:

• Мадрид макулдашуусунун ар бир елкесу эсептелет, эгерде етунме ээсинин анда чыныгы иштеген жана фиктивдуу эмес ишканасы болсо;

• эгерде анын Мадрид макулдашуусунун елкосунде мындай ишканасы болбосо, бирок етунме ээсинин жашаган жери (же журген жери) Макулдашуунун елкесунде болсо ал елке белги жаратган елке болуп эсептелет;

• эгерде анын чыныгы иштеген да, фиктивдуу эмес да соода ишканасы болбогон, Мадрид макулдашуусунун елкосунде жашаган жери (же журген жери) болбогон учурда, жана белги жаралган елке Мадрид макулдашуусунун катышуучусу болгон шартта етунме ээсинин жарандыгынын елкесу белги жаратган елке болуп эсептелет.

Белгини коргоо улуттук каттоонун негизинде жургузулген учурда эл япатык каттоо белги жаралган елкеде кучсуз болуп саналат. Эл аралык катаоалык етунмесунде керсетулген макулда-

Эл аралык реестрдё катталып, алар женунде кызыкдар елкелердун ведомстволоруна билдирилген жана алар женунде маалыматтар Эл аралык бюро тарабынан жарыялануучу белгилер аталган елкелерде улуттук каТтоого берилген белгилер сыяктуу эле ушул елкелердун ар биринде алар пайдалангандай режимден пайдаланышат (Мадрид макулдашуусунун 4(1)-статьясы). Улуттук компетенттуу органдар белгиге коргоо берууден баш тарткан же анын каттоосун жараксыз деп тапкан учурдан белек учурда бул белгилерге ар бир кызыкдар елкеде ал эл аралык каттоого алынган кунден тартып коргоо берилет, эгерде белги эл аралык каттоого алынгандан кийин аны олке учун коргоону аймактык жактан кен,ейтуу суралган елке женунде сез журуп жатса - коргоо Эл аралык реестрге аймактык жактан кенейтуу женунде жазуу киргизилген кунден тартып берилет (Мадрид макулдашуусунун 3(2)-статьясы). Белгиге коргоо берууден баш тартуу женунде чечим чакыртылып алынган учурда же кийин улуттук компетенттуу орган кызыкдар елкенун аймагында белгиге толук же жарым-жартылай коргоо беруу женунде чечим чыгарган учурда мындай белгиге коргоо ал эл аралык каттоого алынган кунден тартып берилет.

Белгилердин эл аралык каттоосун ИМДУнун Эл аралык бюросу жургузет.

Мадрид макулдашуусунун чегинде улуттук ведомство уч ролго ээ: ал белги жаралган елкенун ведомствосунун, аталган макулдашуучу елкенун ведомствосунун жана кызыкдар ведомствонун ролун аткарат.

втунме ээси же белгинин ээси Эл аралык бюродо анын атынан иш жургузуучу окул дайындай алат. Бул екул втунме ээсинин же белгинин ээсинин кызыкчылыгын белги жаралган елкенун ведомствосунун же башка ар бир кызыкдар ведомствосунун алдында билдирген адамдан белек адам болушу мумкун.

Этунме ээси эл аралык етунме берген кезде телей турган алымдар:

• негизги алымдан;

• белги колдонулган товарлар же кызмат керсетуулер кирген Товарлардын жана кызмат керсетуулердун эл аралык классификациясынын ар бир классы учун учеенен тышкары теленуучу кошумча алымдан;

• етунмеде керсегулген ар бир елке учун теленуучу кошумча алымдан турат.

Алымдар менен жыйымдар швейцариялык франк менен кун мурдатан Эл аралык бюрого туздон-туз етунме ээси, же эл аралык каттоонун ээси, же алардын екулу тарабынан теленет, же белги жаралган елкенун улуттук ведомствосу тарабынан теленет (эгерде улуттук эрежелер мындай телеоге жол берсе).

Алымдар Эл аралык бюрого:

• Эл аралык бюродо ачылган утурумдук эсептен белгиленген сумманы алып чегеруу жолу менен;

• Эл аралык бюронун Женевадагы Credit Suisse банкындагы № 487080-81 банктык эсебине которуу жолу менен;

• банктык чекти тапшыруу жолу менен;

• Эл аралык бюронун Женевадагы почталык женетуулорунун № 12-5000-8 эсебине сумманы чегеруу же которуу жолу менен;

• Эл аралык бюронун озуне накталай акча тегуу жолу менен толонот.

Алымды же жыйымды толегенде ар бир жолу алардын эмнеге арналгандыгы, ошондой эле тиешелуу белги (белгилее), етунме ээсинин аты керсетулушу керек, же эгерде толем Эл аралык реестрге киргизилген белгиге тийиштуу болсо эл аралык каттоонун номери жана анын ээсинин аты керсетулушу керек.

Алымдар менен жыйымдар Эл аралык бюро талап кылынган сумманы алган кунден тартып теленду деп эсептелет, же эгерде талап кылынган сумма эл аралык етунмену, кийинки керсотмолерду, езгертуулерду киргизууге же эл аралык каттоону узартууга етунмелерду Эл аралык бюро алган кунге карата Эл аралык бюронун ачык эсебинде толук болсо (ушул эсептен аталган сумма алынгандыгы женунде телео барагы болгон шартта) теленду деп эсептелет.

Эл аралык каттоого етунме Эл аралык бюрого белги жаралган елкенун ведомствосу аркылуу бир нускада, ага Эл аралык бюро акысыз берген, ушул ведомство кунун коюп жана кол койгон тиешелуу бланкада жиберилет.

Эл аралык каттоого отунмедо теменкулер болушу же керсетулушу керек:

• ведомствосу белги жаралган ведомство болуп саналган мамлекеттин аты;

• етунме ээсинин аты, эгерде ал жеке адам болсо анын фамилиясы жана аты керсетулет; эгерде етунме ээси юридикалык тарап болсо анын аталышы толук керсетулет; эгерде етунме ээсинин аты-жону латын тамгасынан белек тамга менен жазылса, ал транслитерациялоо жолу менен колдонулуучу тилдин фонетикалык эрежелерине ылайык латын тамгалары менен жазылып керсетулет, етунме ээси юридикалык тарап болгон учурда транслитерация колдонулуучу тилдеги котормосу менен алмаштырылышы мумкун;

• административдик бирдиктер женунде керектуу маалыматтардын бардыгын толук керсетуу менен бирге етунме ээсинин дареги, телефон жана/же факсынын номери; эгерде етунменун бир нече ээси болсо дарек катары кат алышуу учун берилген дарек керсетулет;

• екулунун аты жана дареги, эгерде болсо анын телефон жана/же факсынын номери; эгерде екулунун аты-жену латын тамгасынан белек тамга менен жазылса ал транслитерациялоо жолу менен колдонулуучу тилдин фонетикалык эрежелерине ылайык латын тамгалары менен жазылып керсетулет; ишенимдуу екул юридикалык тарап болгон учурда транслитерация колдонулуучу тилдеги котормосу менен алмаштырылышы мумкун;

• эгерде кажети болсо, белги жаралган елкеде берилген втунме же Папмж Конвенциясынын башка ар бир катышуучу - елкосунде берилген ар кан-

дай втунме аталган Конвенциянын 4-статьясынын мааниси боюнча, втунме ээсинин пикиринде, берилген втунме биринчи етунме деп саналса ошел женунде кврсвтуу, ошондой эле втунме биринчи берилген елкенун ведомст-восун керсетуу; эгерде конвенциялык артыкчылык товарлардын же кызмат керсетуулердун бардыгына суралбаса, ал кайсы товарлар менен кызмат керсетуулерге таандык болсо ошолор гана керсетулушу керек;

• белгинин эл аралык етунмеде карашгырылган квадратка бата турган сурету; ал даана, базалык улуттук каттоодо кандай сурет болсо ошого жараша ак-кара же тустуу сурет болушу керек;

• эгерде кажети болсо, белгинин колго тартылган сурету стандарттуу сурет экендиги женунде билдируу;

• эгерде белгини айырмалоочу элемент катары керсетулген анын тусуне коргоо суралып жатса, - ушул факгыны керсетуу, ошондой эле ага коргео суралып жаткан тусту же тустердун аталышын сез менен сурвттеп керсетуу;

• эгерде белги уч елчемдуу фермада болсо, - аны "келемдуу белги" деп керсетуу;

• эгерде белги ун белгиси турунде болсо, -аны "ун белгиси" деп кврсвтуу (эгерде мыйзамда караштырылса);

• эгерде белги "жамааттык белги", "сертификациялык белги" же "гарантиялык белги" бвлсо, аны ошондой деп керсетуу (эгерде мыйзамда караштырылса);

• эгерде улуттук базалык каттоодо белгинин евз менен баяндалган сuреттвмесу болсо белгинин ушундай формадагы суреттвмвсу;

• эгерде белги же белгинин айрым белугу латын тамгасынан белек тамгалар менен, же цифралар араб же рим цифраларынан белек цифралар менен жазылса, - белгинин же белгинин белуктерунун латын тамгалары жана араб цифралары менен транслитерацияланышы;

• твварлар менен кызмат керсетуулерду Эл аралык классификациялоонун класстары боюнча топтоштурулган жана терминдер менен так белгиленген, алар учун коргоо суралып жаткан товарлар же кызмат керсетуулер; эл аралык етунмеде бир же бир канча макулдашуучу елкелерге карата товарлардын же кызмат керсетуулердун тизмесине чек коюу белушу мумкун, муну менен бирге аталган чектее ар бир макулдашуучу елкеге карата ар кандай болушу мумкун;

• теленген алымдар менен жыйымдардын елчемун, телеонун ыкмасын жана телеген адамды керсетуу;

• втунме ээсинин макулдашуучу мамлекетте чыныгы иштеген жана фиктивдуу эмес ишканасы бар болсо, ошол мамлекетгин аты; андай ишканасы болбогон учурда анын анда жашаган жери бар макулдашуучу мамлекеттин аты; андай мамлекег болбогон учурда ал жараны болуп саналган макулдашуучу мамлекеттин аты;

- аларда коргоо суралып жаткан олколор;
- базалык улуттук каттонун куну жана номери;
- Эл аралык етунмеде камтылган, белги жаралган елкенун ведомство-су кубелендурген маалыматтар.

Кийинки керсетмо Мадрид макулдашуусунун 3 ter (2)-статьясына ылайык ишке ашыралуучу эл аралык каттоонун аракетин "аймактык жактан кенейтуу" болуп саналат. Эгерде эл аралык каттоонун кучу адегенде кайсы бир макулдашуучу тарап учун жок болсо (б.а. ал елке эл аралык каттоого етунмеде керсетулбесе) же мындай каттоонун аракети кандайдыр бир себептер менен токтотулса белгинин ээси тарабынан Эл аралык реестрге киргизилген бардык товарлар жана/же кызмат корсетуулер учун, же болбосо ушул товарлардын же кызмат керсетуулердун бир белугу учун эл аралык каттоонун аракетин кенейтуу суралышы мумкун. Кийинки керсетмеге етунме ИМДУнун Эл аралык бюросунун расмий бланкасына жазылып берилет. Кийинки керсетменун берилген куну болуп аны Эл аралык бюро алган кун же болбосо белги жаралган елкенун ведомствосу кийинки керсетмеге туура тузулген етунмену алган кун эсептелет. Кийинки етунменун аракет моенету тиешелуу эл аралык каттоонун аракет моенету менен бир убакытта бутет.

Эгерде эл аралык каттоого етунме бардык талаптарга жооп бере турган болсо Эл аралык бюро белгини Эл аралык реестрде каттайт, втунме ээсине сертификат женетвт, кызыкдар елквлергв анын каттоого алынгандыгы тууралуу билдирет жана бул женунде белги жаралган елкенун ведомствосуна маалымдайт.

Эл аралык каттоонун куну болуп, белги жаралган елкенун ведомствосуна етунме тушкен кунунун жана анын Эл аралык бюрого тушквн кунунун вртосундагы меенвт эки айдан ашпаган учурда, аталган ведомствонун эл аралык етунмену алган куну эсептелет; эгерде бул меенвт эки айдан ашык болсо каттоонун куну белуп етунмену Эл аралык бюронун алган куну эсептелет.

Мадрид макулдашуусунда белгини каттоо жана аны узартуу жыйырма жылдык меенвттврге ишке ашырыла тургандыгы каралган, бирвк Мадрид макулдашуусуна Жалпы нускаманын 10-жана 30.4-Эрежелерине жана анын Протоколуна ылайык алымдар менен жыйымдар эки мевнеттв твлвнвт, б.а. ар бир он жыл учун озунчв телвнуп турат.

Эл аралык каттоонун етунмвсунде аталган елкенун ведвмствосу (же "кийинки керсетмеде" аталган елкенун ведомствосу) эл аралык етунменун негизги экспертизасын улуттук етунменун экспертизасындай эле еткерет. Эгерде ведомство эл аралык каттоонун улуттук мыйзамдардын жобелоруна дал келбестигин аныктаса, ведомстве белгиге коргео беруужден толугу менен же жарым-жартылай баш тарта алат.

Эл аралык бюро ИМДУнун товардык белгилер боюнча Бюллетенин жарыкка чыгарат, анда жаны эл аралык каттоолорго, аракет меенеттерун узартууга, кийинки керсетмелерге жана алардагы ар кандай езгертуулерге тиешелуу бардык негизги маалыматтар камтылат.

Кыргыз Республикасы 1994-жылдын 14-февралынан бери Мадрид Макулдашуусунун мучесу болуп саналат. Ушул мезгилдин ичинде Кыргызпатентке 20161 етунме берилген (СД - 01.01.2001-ж.), алардын ичинен 2000-жылы - 1976 етунме берилген, товардык белгилер боюнча 347 етунменун аракет меенеттеру узартылды, товардык белгилерди эксперттее белуму 2000-жыльт 396 алдын ала баш тартуу жана дискламациялоо (белгинин айрым элементтерин коргоодон алып таштоо) женунде чечим чыгарган, компетентгуу органдар тарабынан 4 етунме кучун жоготту деп табылды. Кыргызпатент иштей баштаган кунден тартып товардык белгини эл аралык каттоого бир гана етунме берилген.



# АВТОРДУК УКУК

# КЫРГЫЗСТАНДА АВТОРДУК УКУК МЕНЕН ЧЕКТЕШ УКУКТАРДЫН АКТУАЛДУУ МАСЕЛЕЛЕРИ жөнүндө

***Ж. Абдылдабек кызы*** - *Кыргызпатенттин авторлордун жана у/сук ээлеринин мулктук укуктарын жамааттык башкаруу Борборунун директору*

***Нажимудинов А.*** - *Кыргызпатенттин авторлордун жана укук ээлеринин мулктук укуктарын жамааттык башкаруу Борборунун инспектордук бвлумунун башкы адиси*

Адам генийи - бардык искусство чыгармаларынын жана ойлоп табуулардын булагы. Бул чыгармалар - адамга -ᴳа-тыктуу жашоонун кепили. Мамлекеттин милдети болуп чыгармалардын бардык турлерун жана ойлоп табууларды коргоону камсыз кылуу саналат.

(Женевадагы БДИМУнун имаратындагы жазуу)

Адамдын ой жугуртуп, интеллектуалдык иш-аракетинин натыйжасында ар турлуу чыгармалар пайда болот. Ошол илимий, адабий, искусство жана башка чыгармалар авторго таандык болот да, *автордук укуктун* объектилери деп эсептелинет. Ал эми чыгармалар болсо жалпы коомго белгилуу болуш учун, мисалы айтканда драмалык жана музыкалык чыгармалар, эл алдында аткарылышы керек. Ошентип *автордук укук* менен узенгулош болуп *чектеш укугу* пайда болот. Чектеш укуктун объектиси деп аткаруулар, фонограммалар жана эфирдик жана кабельдик беруулер эсептелет. Илим жана техниканын онугуусунун натыйжасында чыгармалардын туру кебойот, б.а. фотография, (же ошого окшош метод менен жаралган чыгармалар), аудиовизуалдык чыгармалар(кино-, теле-, видеофильмдер ж.б.), ЭЭМ учун профаммалар, маалымат базапары ж.б.у.с. Бул объектилер интеллектуалдык менчиктин бирден бир маанилуу *болгон автордук жана чектеш укуктардын* тармагын тузот.

Жалпысынан алганда интеллектуалдык менчик эки чон болуктон турат: *внвр - жай менчиги* жана *автордук жана чектеш укуктары.* Булардан тышкары интеллектуалдык менчикке *салттуу эмес объектилер селекциялык жетишкендиктер* жана *интегралдык микросхемалардын топологиялары* кирет.

Ал эми *онвр-жай менчиги* женунде учкай сез кылсак, ага ойлоп табуулар, пайдалуу моделдер, енер-жай улгулеру, жабык маалыматтар, анын ичинде ендуруш сырлары (ноу-хау) кирет. Мындан тышкары енер-жай менчиктин объекгилерине граждандык карым - катнашка катышуучулардын товарлары.

жумуштары жана кызмат керсетуулеру жекече турде еткеруу каражатгары же башкача айтканда, фирмалык аталыштар, товардык белгилер, кызмат корсетуу белгилери жана товарлардын жасалып чыккан жеринин аталышы кирет.

Бул макалада интеллектуалдык менчиктин баардык объектилери жонунде эмес *автордук жана нектеш укуктары* женунде гана сез кылмакчыбыз.

Буткул Дуйнелук Улуттар Уюмунун Генералдык Асссамблеясы 1948-жылы кабыл алган адам укуктарынын жалпы деклараииясында автордук укуктар адам укуктарынын негизгилерине киргизилген. Декларациянын 27-статьясында мындай деп айтылат: *"ар бир адам коомдун маданий турмушуна эркин катышууга, искусство менен кумарланууга, илимий прогресске катышууга жана анын жыргалчылыктарын колдонууга укуктуу"* ошону менен бирге *"ар бир адам взу автор болгон илимий, адабий же кврком эмгектердин натыйжасында пайда болгон моралдык жана материалдык кызыкчылыктарын коргоого укуктуу".* Ошентип, автордук жана чектеш укуктар объективдик маанисинде - бул илимий, адабий, искусство чыгармаларына жана ошондой эле аткаруулар, фонограммалар жана башкаларды жаратуу жана колдонууга байланыштуу карым-катнаштарды женге салуучу граждандык укуктун нормаларынын биримдиги жана автордук укук - адам укугунун бир тармагы.

Декларациянын бул жоболору менен Кыргыз Республикасынын Конституциясы жана башка нормативдик-укуктук актылары да теп келишет. Автордук укук теориялык жактан интеллектуалдык жетишкендиктерге кенири жол ачуу, бирок жетишкендиктерди жараткандардын укугун бузбай пайдалануу жана аларга акы телее зарылчылыгына таянат. Автордук жана чектеш укугунун объектилери коомдун енугушуне барган сайын кеп таасир тийгизуудо. Мунун натыйжасында кебунесе елкелердун экономикасында жацы тармагы - автордук жана чектеш укугунун индустриясы негизделип калды. Ал бугунку кунде дуйнедегу енуккен мамлекеттердин Ички Дун Продукциясынын структурасында алдьщкы орунда турат. Мисалы, АКШда Hollywood, Microsoft ж.б. компаниялардын чыгарган аудиовизуалдык жана ЭЭМди камсыздоочу программалык продукциялардын эсебинен автордук жана чектеш укуктар индустриясы коомдук ендуруште эн чон гармактардын катарына киргени белгилуу.

Жаралган адабий, керкем жана музыкалык чыгармалардын жалпы санын жана алардын канчасы пайдаланганы жонунде так маалымат алуу ето кыйын. Бирок бугунку кунде жыл сайын 5 мин кинотасма чыгарылып, ал эми сатылган фонофаммалардын кечурмелердун саны 3 миллиарддан ашары белгилуу. Бул объекттердин баары жана башка илимдин, искусствонун, адабияттын чыгармалары, аткаруулар, оюн коюулар, эфирдик жана кабелдик уктуруу уюмдарынын беруулеру автордук жана чектеш укуктардын объекттерине кирет жана аларды колдонуу маалымат технологиясынын енугушу менен чукул есуудо. Маалыматтарды, чыгармаларды, суреттерду жана ундерду кебейтуп жаздыруу дуйне жузунде тез аранын ичинде эле жургузулгенуне байланыштуу, аларды колдонуучулардын саны да кебейууде. Албетте, бул ав-

тордук укукка таасирин тийгизип, "интеллектуалдык каракчылыкка" кенири жол ачылууда.

Субъективдуу маанисинде, автордук укук - бул авторлордун езуне жана анын чыгармаларына тийиштуу мулктук эмес укуктарынын (*авторлумса укук, ысымга укугу, биринчи жолу жарыялоого укугу жана кол тийбестик укугу)* жана мулктук укуктарынын *(чыгарманы ар турлуу жолдор менен колдонууга уруксат беруугв же тыюу салууга укугу)* топтому. Чыгарманы колдонуунун турлеруне аны кайра чыгаруу (нускаларын кобойтуп чыгаруу), таркатуу жана импортто, эл алдында керсетуу же аткаруу, жана ошондой эле которуу, кайра иштеп чыгуу ж.б.у.с. кирет.

Азыркы учурда интеллектуалдык ишкердуулуктун натыйжалары езгече товарлар катары колдонулууда жана алардын баасы да ото жогору. Мындай "товарлардын" езгочелугу болуп, аларды автордун макулдугусуз эле саны чектелбеген адамдар колдонушу мумкун, ошондуктан бул тармакта мыйзам бузуулук да коп. Компьютердик жана телекоммуникациялык технологиялардын мумкунчулукторунун онугуусу оскон сайын, маалыматтарды таркатуу жана нускаларды кобойтуу маселеси женилдегендин негизинде бул сферадагы укук бузуу проблемалары куч алды. Ал эми INTERNETтин мумкунчулуктвру, компьютердик байланыш тармагындагы маалымат таркатуу боюнча мыйзамдардын жана башка укук нормаларынын жетиштуу денгээлде болбогондугу, бул маселелерди курчутууда. Дуйнеде автордук жана чектеш укуктун объектилеринин рыногу мурда эле калыптанып калса, Кыргызстанда бул рынок жаныдан оркундееде. Бул сферадагы укук коргоо маселесин женекей адамдарды коюунуз, жогорку денгээлдеги жетекчилер да бугунку кунде жетишээрлик тушуне билишпейт.

*Автордук жана чектеш укуктардын коргоосун жеткиликтуу альт журуш учун бул маселени мамлекеттик децгээлде тейлвв механизминин, улуттук мыйзамдар базасынын болушу жана эл аралык укуктук чвйрвго кируусу зарыл.*

Биринчиси, б.а. бул маселени мамлекеттик денгээлде тейлее механизми женунде сез кылсак, Кыргыз Республикасынын Окметунун алдындагы илим жана интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентство (Кыргызпатент) деп аталуучу аткаруучу бийликтин структурасында авторлордун жана башка автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин укугун коргоо учун тузулген атайын Борбор бар. Бул Кыргызпатенттин автордук жана чектеш укук ээлеринин мулктук укуктарын жааматтык башкаруу Борбору. Аны 1973-жылы тузулген СССРдин автордук укук боюнча буткул союздук агенствосунун (ВААПтын) Кыргызстандагы белумунун мураскери десек да болот.

Экинчиси - улуггук мыйзамдардын абалы. Бугунку кунде Граждандык, Административдик жана Кылмыш-жаза кодекстеринде интеллектуалдык менчик чейресундегу карым-катнаштарды женге сала турган статьялар бар. Ошондой эле атайын мыйзамдар, бир катар жоболор, инструкциялар кабыл алынган. Башкача айтканда бул чейреде улутгук мыйзамдык базасы дээрлик тузулуп буткен.

Учунчусу - азыркы учурда Кыргыз Республикасы тарабынан интеллектуалдык менчик чейресундегу эл аралык келишимдер жана конвенцияларга,

бир нече екмет аралык, мекемелер аралык, эки тараптуу келишимдерге кол коюлуп, ратификацияланган.

Ал эми Кыргызпатенттин автордук жана чектеш укук ээлеринин мулктук укуктарын жамаатгык башкаруу Борбору женунде кенири сез кылсак анын негизги милдети аталышынан эле билинип турат. Алдын ала авторлордун укугун *жамааттык* турде башкаруунун зарылчылыгын тактап алсак.

Кандай гана чыгарма болбосун ал автордун интеллектуалдык менчиги, ошондуктан аны автордун же башка укук ээсинин (мисалы, мураскеринин) уруксагысыз колдонуу мыйзам бузууга жатат. Бирок, чыгармаларды, же башкача айтканда, автордук укуктун объектилерин колдонуу аябагандай чон масштабда болгондуктан, авторлор озулору жалгыздап укуктарын коргоосу ете кыйын. Мисалы, элге жаккан бир ыр жер-жердеги коюлган концерттерде, теле-радио беруулерде, жада калса ресторандарда, дискотекаларда ырдалып аткарылат. Анан ал ыр автор жашаган шаарда эле эмес, бут елкенун булунбурчтарында, кээ учурда чет елкелердо да аткарылат. Мына ушундай жагдайда ал автор езунун ырын колдонуусун жана колдонгону учун калем акысын (гонорарын) езу жалгыз кантип тейлеп, кантип чогултмакчы? Ошондуктан, алардын мулктук укуктарын жамааттык негизде башкарууч уюмдар тузулет. Авторлор ошол уюмга езунун автордук укуктарын башкаруу жана тейлее укуктарын ыйгарат. Алардын негизги функцияларына колдонуучулар менен колдонуу укугуна лицензиялык келишим тузуу, алар менен калем акынын елчемун макулдашуу, калем акыны чогултуу, авторлорго белуштуруу жана ошондой эле укуктарды коргоого зарыл болгон бардык юридикалык иш-аракеттерди жургузуу кирет. Укуктарды жамаатгык башкаруу уюмдары антимонополиялык мыйзамга кирбейт жана адатта бир мамлекетте мындай уюм бирее эле болушу мумкун. Жогоруда айткандай Кыргызстанда мындай уюм болуп Кыргызпатенттин ичиндеги авторлордун жана укук ээлеринин мулктук укуктарын жамааттык башкаруу Борбору эсептелет.

Бул Борбор авторлор менен колдонуучулардын ортосундагы жаны укуктук мамилелелерди женге салууну камсыздандырат. Анын ичиндеги эн бир татаал иштердин бири болуп, бул чейредегу мурдагы совет доорунда калыптанып калган авторлор менен пайдалануучулардын ортосундагы мамилени жанылатуу. Союз убагында "шоу бизнес" тушунугунун мааниси бугунку кундегуден абдан айырмаланат. Мунун себеби, мындай бизнести мамлекет езу жургузген. Концерт уюштурууну Госконцерт, музыкапык чыгармаларды грампластинкаларга жана аудиокассетага кебейтуп чыгарууну "Мелодия" жаздыруу фирмасы ж.б.у.с. мамлекеттик уюмдар жургузушкен. Телекерсетуу, радио, концерт аянтчалары сыяктуу автордук жана чектеш укук объектилерин колдонуучулар да мамлекеттин алдында болушкан. Автордук калем акынын елчему екмет койгон чектен ашкан эмес, аткаруучулардын жана фонограмма чыгаруучулардын укуктары да азыркыдан айырмаланып турган. Автордук укуктун кебунче компоненттери такыр корголгон эмес. Мисалы, аудио кассеталарда чыгармаларды автордун макулдугусуз, ал эми радио-телекерсетууде болсо калем акы да теленбей эле колдонулган. Мамлекеттик монополия чексиз болуп, конкуренция деген тушунук да болгон эмес.

Акыркы жылдарда биздин коомдогу социалдык экономикалык жанылануулар жана мыйзамдардын езгерушу бул жагдайды туп - тамырынан бери езгертту. Бугунку кунде оюн - зоок иштерин каалаган адам уюшгура алат жана бул иш-чаралар Кыргыз Республикасынын "Лицензиялоо" тууралуу мыйзамына кирбегенине байлашыштуу, "Автордук укук жана чектеш укуктар тууралуу" Кыргыз Республикасынын Мыйзамын сактоо ете кыйын.

Демейде колдонуучулар аталыштары окшошуп кетсе эле, бир - бирине тиешеси жок лицензиялоо деген тушунукту айырмалай алышиайт. Биринчиси - лицензиялоо тууралуу мыйзам. Ал иш-аракеттин турлерун женге салат, б.а. бул мыйзамга ылайык, мисалы, концерттик иш - аракетти жургузуу учун лицензиянын кереги жок. Экинчиси - автордук укук тууралуу мыйзам талап кылгандай, концерттик программага кирген чыгармаларды колдонууга милдеттуу турде лицензиялык келишим аркылуу уруксат алуу керек. Бул уруксат Кыргызстанда Кыргызпатенттин Авторлордун жана укук ээлеринин мулктук укуктарын жамааттык башкаруу Борбору берет. Бул уруксат "автордук укук жана чектеш укуктардын объектилерин колдонуу укугун алгандыгы тууралуу лицензиялык келишим" деп аталат. Келишимде башка юридикалык маселелер менен катар автордук калем акынын елчему жана телев меенетун керсеткен белуктеру бар. Колдонуучу ошондой эле колдонгон чыгармалары женунде маалымат берип туруута милдеттуу. Бул маалыматка жараша калем акылар кийин белуштурулуп, авторлорго теленет. *Ошентип "Лицензия" мыйзамы кээ бир иш-аракеттердин жургузуусун тейлесе, автордук укук жонундвгу мыйзам талап кылган лицензиялык келишим, авторлордун интеллектуалдык менчиги болгон чыгармаларды колдонууну тейлейт.*

Кебунче колдонуучулар телеп жаткан акча каражаттары авторлорго арналарын, ал эми Кыргызпатент жен гана аларды чогултуп, белуштуруп, авторлорго же башка укук ээлерине телеп берерин тушунушпейт.

Бул чейредегу укук бузуулардын кепчулугу болуп, чыгармаларды уруксатсыз колдонуп, калем акы телееден баш тартуу эсептелет. Чыгармаларды, б.а. автордук жана чектеш укуктардын объектилерин колдонгондорду бир нече категорияларга белуп, ар бир категорияга мунездуу укук бузуулардын турлерун карап чыксак болот.

Колдонуучулардын биринчи категориясы- бул эл алдында концерт уюштуруучулар жана концерт, оюн- зоок еткеруу аянтчаларынын ээлери. Аларды авторлордун аткаруу укугун колдонгондор дейт. Бугунку кунде концерт еткеруу ишинде мамлекеттик монополия жок болуп, импресарио (концерт уюштуруучу) катары каалаган адам болгонуна байланыштуу, эн кеп болгон мыйзам бузуу болуп калем акы телееден баш тартуу болуп келет. Эгер башка биреенун эмгегин же менчигин колдонгуцуз келсе, аны акы телеп са~тып алышыныз керек, же аны сизге ээси белек кылып бериши керек экенин баардыгыбыз (уурулардан башка) так билебиз. Электр энергиясын колдонуу учун коммуналдык кызматтардын акысын телеену милдеттуу турде кабыл алып, ал эми чыгармаларын колдонуп жаткан авторлорго калем акысын телееден баш тарткан учурлар акылга сыйбаган керунуш.

Концерт уюштуруучулар пайда тушпесе аны уюуштурмак беле. Концерттен тушкен акчага баланча квартира сатып алыптыр, деген сыяктуу

сездерду кеп эле угуп журбейбузбу. Ал эми ошол тушкон каражаттын кичинекей белугун алар ырдап чыккан ырлардын авторлоруна ыйгаруудан баш тартып, бербестин аракетин жасагандары ото тацгалычтуу жана кейиштуу го. Буга окшогон укук бузуулар кобунч© бул маселени тушунгон, ал гана эмес езулеру да автордук калем акы телеп журушкен концерттик жана театралдык аянтчалардын ээлеринин кемегу менен болот. Алар имараттарын концерг уюштуруучуларга ижарага берип жатып, алардан керектуу документгерди талап кылышпайт. Мунусу менен алар автордук калем акынын чогултулушун кыйындатып, укук бузууга тузден- туз кемектешет. Бул учун административдик кодекстин "Автордун автордук калем акы алууга болгон укугун бузуу" деп аталган 345-статьясында жазалар каралган.

Буга окшогон укук бузууларды токтотуу салыштырмалуу анча деле кеп кыйынчылык келтирбейт б.а. сот ишин козгоп жана соттун чечимин аткарууга убакыт талап кылынат. Ал эми тексттерди мыйзамсыз езгертуу жана аранжировкалоО сыяктуу укук бузуулардын башын ачуу кобуреек кыйынчылыкты тузет.

Жогоруда белгилеп кеткендей, мурда автордук калем акыларды телее анча- мынча тартипке салынып, ишке ашып турган. Теле- радио мекемелер атайын даярдалган беруулердун авторлоруна, кээ бир ресторандарда ойногон ансамблдерден эле автордук гонорар алынбаса, копчулук учурда музыкалык чыгармаларды колдонуу учурунда автордук сый акы теленбей, укуктар сакталган эмес.

Бугунку кунде кебунче фонограммаларды пайдаланган мекемелерге автордук сый акы телешунер керек дегенибизге тушунбестук аз эмес. Эн маанилуусу бул *материалдык менчик* менен *интеллектуалдык менчиктин* айырмасын билбегендик. Мисалы, материалдык менчигиниз болгон уйунузду сатып жиберсениз, анда кийинки ээси ал уйду каалаганындай пайдаланат. Ошондой эле сиз аудио-видео кассета же компакт-диск сатып алсацыз, алар сиздин *материалдык менчигициз* болот, б.а. кааласацыз аны кайра сатасызбы, бирооге белек кылып бересизби, талкалап саласызбы, ез эркиниз. Бирок ал кассетага жазылган чыгарманы меники деп айта албайсыз да аны каалагандай колдоно албайсыз. Мыйзамдын негизинде кассета сиздин менчигиниз болгондон кийин, андагы жазылган чыгармаларды каалашынызча уга берсециз болот, бирок жекече, б.а. уй-булеенуз менен гана. Ал эми сиз кассетанызды езунуздун кафе же ресторанысызда коюп, ал жердеги кызматкерлерге жана клиенттериниздерге угузулган сон, ал кассетадагы чыгармаларды *жалпыга кврсетуу, жалпы эл алдында аткаруу же жалпы маалымат учун кабарлоо* деген автордун мулктук укуктарына кирет. Мындай учурда сезсуз турде автордон, же анын чыгармасынын укук ээсинен, же болбосо авторлордун укугун тейлеген атайын мекемеден пайдаланууга уруксат алып жана калем акысын телеп беруу зарыл.

Кебунче кафе, бар, ресторандарда тамактанганыныз учун телеерде, эсептин ичинде музыка учун телешунуз керек деп тан калтырат. Ал эми бул музыка ошол ресторандын ээси тарабынан же анын заказы менен жаралган эмес да. Бул жен гана башка популярдуу авторлордун чыгармалары эмеспи? Демек, бул авторлорго чыгармаларын колдонгону учун акы теленушу керек.

2000- жылдын ичинде коомдук тамактануу уюмдарынан тушкен калем акылардын ©лчемунун анализи бул чейредегу абалды ачык керсетуп турат.

Борбор шаарыбыздагы эн бир кымбат деп эсептелген ресторанында сизге 632 сомдук фирмалык тамагын жана 2000 сом турган "Сэн Жозэф" Кызыл шарабын сунуш кылышат. Ал эми экинчисинде 1200 сомдук шарапта демделген койдун санын же 1500 сомдук ичинде фаршы бар индюк эти менен тамактана аласыз. Албетте, ар бир кечте ал жерде музыка жанырып турат. Эми ошол биринчи ресторанды 2000-жылы бир жыл бою колдонгон чыгармалары учун 115 сом 50 тыйын, ал эми экинчиси 116 сом 30 тыйын калем акы телошкен. Албетте, бул чейреде авторлор менен колдонуучулардын ортосундагы иш- аракеттерди женге салуу жаныдан гана башталып жатат, бирок бул жерде бир тартип болуш учун коп убакыт талап кылынат деген ой келет.

Пайдалануучулардын дагы бир орчундуу категориясын теле-радиокомпаниялар тузот. Башынан эч кимден уруксат албай, каалаган чыгармаларды колдоно бергендерди жаны мыйзамдар талап кылган нукка келтириш абдан оор болду. 1998-жылы башталган талкуулар, тушунбостуктор, татаал жол менен жеткен макулдашуулардын негизинде, 2000-жылдан баштап алар менен келишим тузулуп, пайдаланган чыгармалар женунде отчетун алып, автордук калем акыларды чогултуу башталды. Бирок отчеттордун тактыгы, чогулган гонорарлардын суммасы канаатандырарлык болбой жатат. Мисалы, Кыргызстандагы эн ири теле-радиокомпаниясы 2000-жылдын натыйжасында болгону 25 мин сомго жетпеген акча каражатын которду. Салыштырмалуу, эгерде ыр десте арнагьщыз келсе бир ыр берип коюу учун аларга 1000 сом телеш керек, б.а. бул бир жылдык гонорар бир эле кундун арноо концертинен тушкен каражатка барабар. Ал эми пайдаланган чыгармалар женунде берилген отчеттордун тактыгы аман эле болсун. Мисалы, анализдин тыянагынан мындай керунуш чыкты - биреенуку бир жылдын ичинде радиосунда кунуге болгону 52 минут музыка берсе, телевидениесинде 7 минут, экинчисинин радиосунда кунде кыргыз авторлордун музыкасы болгону 3 минут берилип, ал эми кунде бир сааттай арноо концертин берсе да кыргыздын музыкасы такыр аткарылбайт экен. Мына ушуга окшогон башаламандыкты бир нукка келтириш, алибетге татаал иш. Азырынча, пайдалануучулардын атын атабай, тергеп жатабыз, себеби биринчи кадамдар деп. Бирок 2001 - жылдын натыйжасында мыйзам бузуучуларды эл элегине салабыз, алар женунде коомдук пикирди тузебуз деген ой бар.

Мындан бир топ кыйыныраак маселелер- аудиовидео жана китеп чыгаруудагы укук бузуулар. Интеллектуалдык менчик чейресундегу мыйзамдар жана укуктук нормативдик база иштелип буткен болсо да, бул мыйзамдарды ишке ашыруу механизмин жургузуу бир топ иш- аракеттерди талап кылат. Мындай керунуш мыйзам тарабынан жуктелген милдеттердин тийиштуу мекемелер тарабынан жетиштуу кенул бурулбагандыгынан келип чыгып отурат. Мисалы, коп жана масштабдуу укук бузууларга автордук укук чейресундегу аудиовидео "каракчылыгы" кирет. Ушул жерден авторлордун жана укук ээлеринин укуктарын ким коргош керек деген суроо пайда болгондо, кебунесе Кыргызпатент деген жооп берилет. Бирок интеллектуалдык менчик

чейресундегу кылмышкерликти (башка кылмышкерликтей эле) далилдее, б.а. тергее жургузуу, кылмыш жасалганын тактоо милдети турат.

Бул маселени теренирек карап керелучу. Алалы, аудиовидео бизнес чейресунде далилденген укук бузуу бар дейли. Бул учурда Кыргызстандагы мыйзамдарга ылайык, жазаны сот чечет. Сот тарабынан кунеелуу деп табылган тарапка андан ары кандайдыр белгилуу иш - аракеттерди жасоого гыюу салынышы мумкун. Мындай иш - аракеттерге контрафакттык деп саналган чыгармалардын жана фонограммалардын нускаларын даярдоо, кайра чыгаруу, сатуу, прокатка беруу, импорттоо ж.б. кирет. Аудиовидео продукциялардын *контрафакттык же лицензияланбаган нускалары дегенибиз - бул автордук жана чектеш укуктарды бузуу менен даярдалган нускалар.* Мындай нускалар соттун чечими менен конфискацияланышы керек. Конфискацияланган контрафакттык нускалар эгерде автордук жана чектеш укук ээси сурабаса, жоготулушу керек. Ал эле эмес сот контрафакттык нускаларды даярдоодо колдонулган аппаратураны да конфискациялап коюшу мумкун.

Баарыбызга белгилуу, бугунку кунде кээ бир кылмыштарды жоюш учун атайын мыйзамдар жок болгонуна байланыштуу укук бузууларга бегет коюу мумкунчулугу татаалдашууда, б.а. укук коргоо укук бузуулардын жокгугун эмес, бул бузууга бегет коюучу эффективдуу мыйзамдык базанын болушун билдирет. Ошентип, Кыргызстандагы автордук жана чектеш укуктардын корголушунун негизги шарттарынын бири болуп, укук бузууларды жоопкерчиликке тартуучу мыйзамдык база эсептелет. Бирок бул маселедеги кыйынчылык - бул иштерди сот аркылуу фаждандык, арбитраждык же кылмыш - жаза тартибинде кароодон мурун аны алдын - ала тергее органдары карап чыгышы керек. Сотко етушу боюнча автордук жана чектеш укуктарды бузуу адамдын конституциялык укуктарына жана эркиндигине кирет. Бул категориядагы иштерди тергее прокуратура органдарынын компетенциясында. Ошондуктан, автордук жана чектеш укуктар чейресундегу укук бузуулар керсетулген органдар тарабынан тергелет. Кыргызпатент тергее жургузуп, далил чогулгууга укугу жок. Граждандык, административдик кодекстердин процессуалдык белугунде Кыргызпатент тергее жургузууге укуктуу болгон иштер жок. Кыргызпатент ал эмес женекей айып да сала албайт. Ал эми аудиовидео "каракчылык" экономикалык кылмыш категориясына кирет. Бул иштер ички иштер органдарына тийешелуу. Ошентип, аудиовидео бизнестеги укук бузууларга бегет коюу ички иштер, прокуратура оргаандарынын жана соттун компетенциясында.

Анда, бул жерде Кыргызпатенттин ролу кандай деген суроо пайда болушу мумкун. Биринчиден, укук коргоо органдары контрафакттык деп шектенген аудиовидео продукцияны конфискациялагандан кийин, далилдер болуш учун адистердин тастыктамасы зарыл. Экспертиза жургузууде бул продукция ким тарабынан, кайда чыгарылганы, каталогдогу номери туура келеби, автордук жана чектеш укуктар сакталганы аныкталат.

Биздин соодада журген контрафакттык продукцияларды шарттуу турде уч турго белее болот.

1. Бул негизинен чет мамлекеттерде мыйзамсыз чон партиялар менен даярдалган продукциялар. Кыргызстандагы аудиовидеопродукциялардын 80-90 %ин ушул продукциялар тузот.

2. Бул майда тиражда жасалган продукциялар. Булар адатта уйдегу аппаратурада же кичи студияларда даярдалган. Булар жон гана лицензиялык кассеталардан кочурулуп алынган же женокой компиляция болуп эсептелет.

3. Бул турго биздин улуттук авторлордун жана аткаруучулардын чыгармалары жазылган аудиовидео кассеталар. Булардын кебунчосу жен гана уруксатсыз эле концерртерден, телеберуулерден жазылып алынган.

Бугунку кунде кыргыз авторлорунун укугун сактаган лицензиялык продукциялар саналуу гана. Алсак, бул Светлана Назаренконун жана "Ордо сахна" фольклордук жыйнагы. Ошондой эле Бишкектеги жеке ишкер Шмальц Э.А. бугунку кунде бардык уруксат документтерин алып, калем акысын телеп, "Обон 2001" жана "Тандалмалар" аттуу жыйнагын чыгарууга киришти. Негизи, бул чейреде иштеген ишкерлерге айтып кетчу нерсе, качан келип бардык продукцияны конфискациялап кетет деп коркуп отурганча, ишин ачыкка чыгарып алганы оц.

Кыргызпатенттин негизги функцияларынын бири болуп, интеллектуалдык менчик чейресундегу бирдиктуу мамлекеттик саясатты ишке ашыруу болуп эсептелет. Бул саясаттын манызы болуп, интеллектуалдык менчик чейресундегу мыйзамдарды енуктуруу, биздин жана чет элдик етунмелерду мамлекеттик экспертизадан еткеруу, коргоо документтерин каттоо жана беруу, ошондой эле алардын кучунде болушуна кемектешуу эсептелет. Андан башка дагы бир ошондой эле маанилуу функциясы - бул авторлордун жана укук ээлеринин мулктук укуктарын жамааттык негизде башкаруу.

Интеллектуалдык менчик чейресундегу бирдиктуу саясатты ишке ашыруу женунде сез болгондо, кебунче бул жен эле куру - бекер, жалпы сездер катары кабыл алышат. Анын мацызын тушунуу учун теменку мисалдарды карап керелу:

1999-жылдын 27-ноябрында Бишкек шаарынын мэриясы тарабынан 717 номерлуу "Бишкек шаарындагы аудиовидео продукцияларды таркатууну тартипке салуу боюнча чаралар" женунде деп аталган Токтому кабыл алынган. Бул токтомдун негизги максаты туура эле болгон. Анткени аудиовидео бизнестеги "каракчылыктын" денгээли чечкиндуу чараларды талап кылып жатат. Бирок бул токтомдо каралган чаралардын ичинде аудиовидео продукцияларда голографиялык этикеткаларды колдонуу **каралган.** Бир **Караганда,** бул чара абдан эффективдуу керунет. Биринчиден, сатылып жаткан продукциянын санын эсепке алганга болот, а бул салыктардын тушушун кебейтет. Экинчиден, бул голографиялык этикеткалар сатылышы керек болчу (баасы 2 сомго жакын). Ошентип, шаардык бюджетке миллиондон ашык сом акча каражаты тушмек. Бирок бул чаралар ишке ашса, голографиялык этикеткалар бардык продукцияга колдонула бермек. Мэриянын бул токтому толук кучуне кире электе эле, голографиялык белгилер аудиовидео продукция сатуучуларда пайда болуп, аны метрлеп сатып алып, продукцияларга чаптай башташкан. Мындай жол менен буткул пираттык продукцияларды мамлекеттик денгээлде лицензиялоо журуп кетмек. Бул себептерди айтып, юстиция **органдары** жана

прокуратуранын колдоосу менен Кыргызпатент бул токтомдун жоюлушуна жетишти. Бирок 1999 - жылы 12 - февралда 84 - номердеги дагы ушундай эле Бишкек шаарынын мэриясынын токтому, ал эми ал жоюлгандан кийин 1999 - жылдын 30 - апрелинде дагы ушундай Токтом чыккан. Булардын баары кийин жокко чыгарылган. Мынчалык ежерленуп голографиялык этикеткаларды киргизууге аракет кылууларды карап туруп, аудиовидео бизнестеги каракчылыкка каршы курош маселесиндеги кээ бир адамдардын кызыкчылыктарына залал тийип жатканын корсо болот.

Андан тышкары, 1996 - жылы 28 - октябрда Кыргыз Республикасынын вкмоту тарабынан 504 - номердеги "Кыргыз Республикасынын территориясында импорттолуучу, чыгарылуучу жана сатылуучу чайга бажы маркаларын киргизуу" тууралуу деп аталган Токтом кабыл алынган. Кийин Экмоттун 708 - номердеги "Кыргыз Республикасынын Окметунун чечимдерине кээ бир озгортуулерду жана толуктоолорду киргизуу тууралуу" Токтомунун негизинде 1996 - жылкы 504 - Токтом, эми "Чай, пиво, шире, видео - жана аудиокассеталарга бажы маркаларын киргизуу тууралуу" деп аталып калган.

Бул Токтомго ылайык, 2001 - жылдын 1-мартынан тартып, аудиокассеталарды бажы маркасыз киргизууге тыюу салынмак. Бул токтом ишке кирип калса, Кыргызстанга чет олкоден кирген бардык "каракчылык" продукциялар ачыкка чыгарылмак. Бул иштерди аткаруунун кыйынчылыгынын еебеби - бажы органдарында аудиовидео продукцияны экспертиза жургузо турган атайын эксперттер жок. Бажы маркалары аркылуу "каракчылык" аудиовидео продукцияларды ачыкка чыгарылуу, биздин мамлекетти Буткул дуйнолук Соода Уюму тарабынан чон айыпка жыгышына алып келиши мумкун болмок. Анткени бул учурда Кыргызстан интеллектуалдык менчик укуктарынын соода аспекттери боюнча Келишимдин (TRIPS) чегинде Буткул дуйнолук Соода уюмуна кирип жатканда езуно алган милдеттер бузулмак.

Ушул себептерди келтируу менен Кыргызпатент бул Токтомдун кесептерин айтып, Окметке кайрылган. Окмот ошол замат жооптуу чараларды коруп, 2001 - жылдын I- февралында езунун 31- Токтому менен мурда кабыл алынган кээ бир чечимдер кучун жоготту деп табылган. Ошентип, контрафакттык аудиовидео продукцияларды легализациялоо коркунучу жоюлуп отурат. Мына ушул иштер интеллектуалдык менчик чейресундегу бирдиктуу мамлекеттик саясатты ишке ашыруу деп аталат.

Аягында белгилеп кетчу нерсе, илимдин жана информациялык технологиялардын тез енугушу интеллектуалдык менчик индустриясынын маанисин жогорулатаарын эске алып, Буткул Дуйнолук Интеллектуалдык Менчик Уюму (БДИМУ) 2001 - жылдан баштап, 26 - апрель кунун - Интеллектуалдык менчик куну катары буткул дуйнеде белгиленээрин жарыялады.

# "ТОТАЛИТАРДЫК МАДАНИЯТТЫН ВҮТҮНКҮ БИР ФИЛОСОФИЯСЫ

*А. Ч. Чекиров - Кыргызпатенттин авторлордун жана укук ээлеринин мулктук укуктарын жамааттык башкаруу Борборунун директорунун орунбасары*

Дуйне алкагындагы табият жана убакыт адам пенделери учун, алардын каалоолорун аткарган абалда болбогонун тек гана езунун жашыруун "милдеттуу" циклин аткарып келе берген жагдайы бар. Жер бетиндеги кургакчылык менен океандардын жаралышына шартталган тиричилик, аларга ац-сезимдуулугу менен бийикте турган адамдын екумдугу менен жанылануунү пайда кылуу же болбосо бар нерсени жок кылып жибереу кудуретине баш уруп келет. Тарыхый изилдее маалыматтарында ошол адам кандайдыр бир жашоо тиричилике ьщгайлаштырылган абалды жасоо камылгасын кеpуу менен ар кандай тоскоолдуктарды баштарынан еткерушуп, жада калса керт башын курмандыка чалуу учурларга кептелет. Бул диалектикалык есуп-енугуунун жолундагы качсан да кармап алып, ойлогон ой максаттардын иш жузуне ашырышына кедерги боло турган кандайдыр бир куч мыйзамынын екумдугу бар. Кылымдар бою адам баласы аалам алкагындагы сыйкырдуу кучтердун таасиринен болгон сыйкырдуу кубулуштарга тан берип, алардын чыккан тегин изилдее менен алектенип келет. Дегеле бир дагы тигил же бул илимдин толук изилденген жагдайларына ээ болуп толук баш ийдирип апган керунушту байкоо мумкун эмес. Улам жаны илимий концептуалдык ачылыштар менен катар акыл ой жугуртуулердун системасынан профессивдуу деп эсептелинген табылгалардын учугу чубалып чыга келет. Кол эмгегинин техникалык жетишкендиктерден табылган куралдар менен алмашылып, улам езунун кызмат кылуусу ендурумдуу боло баштаган сайын, ан сезимдуулуктун кучу да ошол прогрессивдуу деп табылган объектинин айланасында бир куралтан экинчи куракка жылдар менен анан калса кылымдардын сабына туруп езунун белгисин кергезет. Байыртадан эле бугунку кунде да атак дацкы, тарыхый жактан олуттуу эмгектери менен актуалдуу болуп эсептелинген бийик инсандардын жараткан эмгектеринин бугунку кундегу орду, илимий ачылыштарындагы теориялык концепциялар же болбосо кезу ачыктык менен айтып кеткен божомолдоолордун турмуш шартыбыздын торунен орун берилип жатышы мыйзамченемдуу да керунуш. Байыркы Греция цивилизациясынын улуу екулдеру Гомер, Плутарх, Аристотель сыяктуу инсандардын олуячылык кылып адам пенделери жашоолорунда колдоно турган адабият же искусство чыгармапарын улгу катары жазып да, анализ жасап да кеткендиги бугунку кундегу адабият же искусство изилдеечулерду ганталтырган жайы бар. Ал инсандарга падышачылыктан керкем чыгарма же философиялык концепция турмегун жаз деп буйрук болгон да эмес. Ар ким езунун философиясы, идео-

логиясы менен болгон. Же болбосо кийинки Бетховен, Моцарт, Чайковский, Шекспирлерге башкаруучулуктан керсетме болгон эмес. Болсо да айрым учурларда, майрам шаан- шекеттерду коштой турган же болбосо диний чиркеелордун заказы менен Месса чыгармалары жазылып берилген жайы бар.

©ткон кылымдагы кыргыздын улуу ойчул, жазмач, токмо акындары Калыгул, Арстанбек, Молдо Нияз, Молдо Кылыч сыяктуу инсандар социалдык жактан болгон укуксуздуктун тушунда оздору туура коргон соз эркиндигин туу кылып эл арасына чыгармаларын жайылтуу кучун ээ кылгандыгын билебиз. Демек адамдардын жалпы коомдогу бир калыпка салынып турган жол-жоболордун, жазылган укуктук ченемдерден сырткары керкем чыгарманы жаратуудагы эркиндиги, ошонун айдынында жаралган чыгарма жогорку бийликтердин "камчылоосунун" астында эмес, табият берген шык, таланттын ырда деп ырдаттырган, жаз деп жаздырган сыйкырдуу илеби менен болгондугунда. Мындай учурда акындын, композитор, суротчунун же корком проза чеберинин чыгармачылыктагы таянар тоосу жалпы элдин эстетикалык жактан болгон талабы жана мудоосу. Ал бир эле ченемдуу куරактын, жаштын руханий керектоолерун экинчи планга алып чыгып караган, озунче бир озгечоленген арноо турундегу чыгармасын тартуулашы мумкун. Чыгарманын ээси чыгармачылыктын эркин чабыттуу багытында жан дуйнесун дубурттоткон ой жугуртуулордун закымында керкем эстетикалык чыгармасын мурунку салттуу келген жагдай, нукка буруп келген милдетин аткарат. Жаны жаралган чыгармалар анын ээси учун кол жеткис бийиктикте, жан этинен жаралган наристесиндей. Мындай учурда тигил же бул автордун чыгармасына сын кез менен карап,"кол салуу" ишаратын жасай турган оюн болсо жалпы эл массасынын, коомдогу жалпы маданий курулуштун жоболоруна таянып "атка минишиц" керек болот. Мурунку советтик доордогу идеологиянын жоболорундагы соцреализмдин принциптери менен камчыланган, керкем чыгармаларга пикир, сын айтуучулар ез учурунда цензуранын мыкты жоокерлери катары эсептелип бул жаатында кептеген илимий эмгектер жазылып илимий даражаларга ээ болууга арзыгандыгы менен коомдук тузулуштегу алдынкы таза ой жугуртуучу интеллигенциянын сабында туруп келишпедиби. Бугунку жацыланган коомдогу соз эркиндиги, чыгарма жаратуунун эркиндиги кош тизгин болуп берилип турган учурда, жалпы эл массасынын психологиясына, кабыл алуусуна тигил же бул эстетикалык кубулуш катары эсептелинген, жаныланган турдегу чыгармалардын жаралуусу кепчулук учурда куч менен чейребузге киргизилип кеткен жагдайларды туура кабылдообуз керектей. Башкача айтканда руханий дуйнебузге, даярдыгыбызга, езубуздун жалпы керкем эстетикалык керунушту кабылдообузга сырт болуп турса езундун кез карашыца жараша чектее жаса. "Жакшы керунушту окуп, билип, кармап калууга уйрен. Жаман керунуш езунон- езу жоголот" деген накыл кеп бар. Дегеле маданий турмуш саясатында уч багыттагы иш алып баруу жагдайларына басым жасала турган учурга туш болобуз. <u>Биринчиден</u> керуучу же окурман учун багытталган иш. Ошол жалпы масса деп аталган категориянын эстетикалык, руханий маданиятына, есуп- енугуусуне, чыгарманын тарбия таалим беруусуне, анын негизинде мамлекеттин экономикалык, саясый- социалдык

багытгарынын кемок карсетууге арналган маданият саясаты. Аны жургузуучу; чыгармаларды жаратуучу жалпы авторлор. Экинчиси. керуучулерге жана окурмандарга багытталган маданият саясаты. Бул жерде эмне айтылат? Социалдык "заказ". Башкача айтканда жалпы керуучулердун, окурмандардын суроо, талабы. Элдин кабыл алуусундагы ©згеруулердун шарданында тигил же бул чыгарма жагабы же жакпайбы сыяктуу социологиялык илимий изилдееелерду талап кылынары айкын.

Учунчуден. жазылган даяр чыгармалардын элге жайылтылыш саясаты. Коомдук тузулуштун идеологиясында корком адабий же искусство чыгармалары ошол социалдык- экономикалык программалардын багыттары менен кош келип, ар кыл аудиториялардын же социалдык конкреттуу чойро, коруучу, угуучу же окурмандарга багытталгандыгы менен кеп кырдуу технологиялык жагдайлар аркылуу иш жузуне ашырылган максаттар бар. Ал эми социалдык чейредегу эркиндиктин айдынында езунун тектуу багытынан сыртка "серпилип" чыккан, адабият менен искусство чыгармаларын жаратууга багыт алган, али тээ атам замандан берки классикалык децгээлдеги чыгармалардын нугунан "жыт" ала элек айрым чыгармачыл инсандар улуу жолдогу топтун арасынан элирип чыккан азоодой абалды тузуп, кепчулук пааналаган уйурден чыгып кетип жаткан керунуш бар. Байыркы Гректердин дуйнесундогу философ- эстеттер Гомер, Софокл, Диоген, Гераклит сыяктуу алптар поэзия, проза, музыка же керкем сурет, скульптура жана архитектура енерчулугуне бет алган инсандарга ар бир жаратылуучу чыгарма белгиленген мыйзамдуу керунуштегу форманы, ыкты, методологиялык жагдайлардын сакталышын талап кылышкан. Мына ошол классицизм доорундагы улуу талаптар бугунку кунге чейин ар бир чыгармачылыктын эрежеси катары сакталып, ошол доор, мезгилдин классикалык турдегу елбес- ечпес керкем чыгармаларга айланып келатканына ынансак. Доордун езгеруп туруу мыйзамдыгына жараша, адамдардын акыл, ойлору да коомдук саясаттын, жашоо багыттардын куусу менен керкем чыгармаларга болгон мамилеси аларды жаратуучу инсандарга белгилуу талаптарды коюп келет. Совет доорундагы керкем чыгармалардын жаратылыш багыттары мазмуну боюнча социалисттик формасы боюнча улуттук чыгармаларды жаратуу ундеелору болгон менен нукура улуттук искусствонун, адабияттын тарыхый, калыптанган туру пайда болгонун четтен эле санап мисалга гаргсак болот. Ырас "тоталитардык идеология" "тоталитардык деп аталган маданияттын" улгулорун пайда кылганын, белгилуу бир цензуралык алкакта турганын, чыгармачыл инсандарга жалпы элдердин же бир елчемдуу курактагы адамдардын эстетикалык талабынын заказы эмес башкаруучу идеологиянын гана заказы устемдук кылып келгенин жокко чыгаруу мумкун эмес. Анткен менен классицизм доорундагы кол жеткис шедеврлерге суктануу менен карап, илхам оттугу жанып салттуу келаткан ыкты же форманы сактоо тарбиясы унутулган жок. Ар бир чыгармачыл инсан салттуулукту ыйык тутту. Байыркылардын мурастарын окуп, уйренууге аларды тузууде ез чыгармаларындагы керкем ой жугуртуунун формулаларын алып чыгууга далалаттанышканын билебиз. Мына ошонун негизинде еткен кылымдын орбитасына классикалык маанайдагы, дуйнелук сереге кетерулген эмне деген гана чыгармалар пайда болуп отурат. Анын баарын "тоталитардык

маданияттын" улгусу деп кытай "маданий тенкерушундегудвй" жокко чыгаруудан кудай сактасын. Эл массасынын эстетикалык тарбиясына шайкеш келгендикти танып кетуу мумкун да эмес. Ал эми салттуулуктагы кврквмдуктун, улуттук нарк-насил, каада-салтыбыздын тарыхый жагдайларын кврквм образдар менен чечмелеп берууде кандайдыр бир импрессионизмдин кепчулук али жетик тушунуп маани бере элек агымдары сыяктуу ан-сезимдерибизге жугуму кириштеле элек чыгармаларды бир эле керуп же окуганда баш тартуубуз бар. Себеби ар бир улуттун взуне тиешелуу колориттик каражаттарын, сапаттарын, маани- манызын туюндурган чыгармалар езгече ун салып турган касиеттерге ээ болуу менен копчулукту озунв буруп турат да. Бул чыгармачыл инсандардын коом жана жалпы элдин алдындагы жоопкерчилигине бекитилген, жобо катары тиркеле турган мыйзамдай. Эгерде мурунку "тоталитардык маданият" улгулерун жаратууда "тоедой идеологиянын" байлоосунда свзсуз турде коммунистик партия, Ленин жонундегу образдуулукту тузуп чыгуу, коомдук башкаруучулуктун органы кол баштоочу, жол баштоочу, доордун акылы, ар- намысы экендигин ар бир жан дуйнесун "Эркин туткан" чыгармачыл инсан турундо кврул, езундв аткарып туруу милдеттери тагылган. Ошол тамырланган "так аткаруучулук", психологиянын чейресундо жацыланып жаткан окуя, кубулушту же жацыланган Европалык стилдеги чыгармалардын пайда болуп жатышы мыйзамченемдуу керунуш экендиги аларды окурман, коруучу езунун эстетикалык кабыл алуучулук даярдыгы менен эсептен откоруп аларлыгын билсек. Мурун он беш союздук курамга киришкен ар улуттун енорчулугун окуп уронуу милдеттерине кам корсок азыр башкача планда, арымы кенейтилген, мурунку "душман" деп аталган елкелердун прогрессивдуу авторлорунун да ар кыл маанайдагы чыгармаларынын уйубузге чейин кирип келишкенинен кабардарбыз. Кучтуу массалык маданият каражаттарынын мумкунчулугу менен мурунку колдонууга тыйуу салынган маалымат продукциялары жалпы улуттук маданиятыбыздын дарегине шек келтируучу жагдайды тузе албашы да айкын керунуш. Муну тирикарак атуулдук сезимибиз менен жан дуйнебузден туура кабыл алышыбыз керек. Аны терен акыл, ой калчап анализдее жолу менен улуттук идеологиябыздын жоболоруна, тарбия-таалим беруучу методикасына таянып пайда алуучу жакгарына багытталышыбыз керек болчудай. Он беш жылдай илгери ичимдик ичпеенун канчалык тыйуу салууларына болбой эле кенумуш адаттардын басандабай ого бетер куч алганын элестетип керелучу. Демек "адепсиздик менен байланышкан китепти окуба, кинону кербе" деген кунде да ага болгон ынтызарлык байланыш боло берет. Анан езу эле токтойт. Актуалдуулугун жоготот. Керуучунун кенулун кайт кылат. "Тоталитардык маданияттын" учурунда жаралган мыкты делген чыгармаларга кайра кайрылып келуучу жол керунет. Башкача айтканда мурунку улгу катары дээрибизди коюп окуп, керкем чыгармаларды жаратуу процесстерине кенул бурганыбыз туурасына чыгат. Цензура койуу саясатынын алынышы менен ар бир инсан оюн тайманбастан айтып чыгуу мумкунчулугуне ээ болуу, чектелген идеологиянын учурунан алые, керкем ой жугуртуу же саясий пикир алышуулардын шаанисине тоскоолдуктардын болбой тургандыгы бугун кенен тушунукту берип калды.

Дуйнелук алкакта адамдардын укуктарынын толук кандуу ар тараптан корголуш процесстеринде орчундуу талаптардын биринен болуп инсандардын чыгармачылыгына шарттарды тузуу, жаратылган керкем рухий деелеттерду сактоонуу мыйзамдаштыруу жолу менен алып чыгуу керунушу бар. Эгемендуу мамлекетибиздин жаны коомдук жашоо турмушуна биринчи документтерден болуп кирген "Кыргыз Республикасынын Конституциясынын 16- беренесинде ар бир адам"... оюн, идеясын, пикирлерин, эркин билдирууго жана таркатууга, адабий, керкем онор, илимий- техникалык чыгармачылык эркиндикке" ээ болууга укуктуу деп керсетулген. Демек керком рухий деелеттердун ээси болгондордун укуктары Конституциянын ыйык делген жоболору менен бекемделип турат. Тоталитардык коомдук тузулуштун шарттарында жалпы адам укуктары жазылмаларда гана саясий ундое, практикалык чоо жайы иш жузуне кириштелбеген, чыгармачылык жендем эркиндигинен четтеп, идеологиялык тезистердин ичинде кошегеленуп кала бергендиги бугунку демократиялык айдьщга багыт алган кунубузден ачык керунуп тургандыгы бар. Материалдык жана рухий маданиятгы жаратуучулар коомдук тузулуштун ар кыл процесстерине ездерунун ойлоп тапкан эмгектери аркылуу ез улуштерун киргизип жатканы менен башкаруучулуктагы бир жактуу каралган идеологиялык принциптердин ичинен чыга алышкан эмес. Кез карандылыктан пайда болгон чыгармалар, ар кандай табылгалар "электен еткерулуп", жалпыга "ун салып" турган саясатка шайкеш келип туруусу милдеттендирилип турган. Кептеген элдик мурастын ээлеринин даректерине шек келтирилген. .Жазылган чыгармалар бир дагы мыйзам менен толук кандуу абалда жашоосун уланта албай калган. Мына ушул "тоталдык маданиятгын" устемдук кылып турган мезгили бугунку кунде артта калды. Жаны коомдук тузулуштун туп тамырынан бери езгерулген системасы менен адам укугунун толук корголушундагы багыттарга жол алуу шарттары келип чыкты.

Бугунку кунде жалпы интеллектуалдык менчикти коргоо процесстеринде адам баласынын акыл кучу менен ойлоп табылган, чыгармачылык жендем, талант шыгы аркылуу жаратылган адабият жана искусство чыгармаларынын укуктук жактан корголушу женунде сезубузду улантсак эп болчудай. Себеби "Адабий жана керком чыгармаларды коргоо женунде" Берн Конвенциясына республикабыздын кошулганы кептеген суроолорду жана талаптарды пайда кылып отурат. Бул Конвенциянын 3-статьясын эле карап керелу. "Автордук укуктун корголушунда чыгарманы жараткан инсан кайсы гана мамлекеттин чегинде жашап турбасын ошол учурда жарыка чыккан же жарыка чыга элек чыгармалары да толугу менен корголот", деп айтылат. Демек биздин авторлорубуз чет мамлекеттерде биздин автордук укуктарыбыз корголо баштаган экен деген ойдо болушу керек.

Ырас, мындай критерий Берн Конвенциясынын союзуна кирген жана кирбеген елкелерге тузден-туз таандык болуп тургандан кийин, биз, Кыргыз Республикасынын аймагында чет элдик авторлорду езубуз менен бирдей баалап, алардын авторлорунун мулктук укуктарын коргоого алуу менен барабар. Эгерде мурунку союздун учурунда бул процесс анча енуге албай, чет элдик автор же езубуздун авторлордун мыйзамдаштырылган укуктары жокко эсе болсо, бугунку учурда эл аралык денгээлдеги жолу ачылып отурат.

Адамзат пендечилигинин керкем ой жугуртуусунде акыл эмгегинин кучу менен пайда болгон илимий же керкем эстетикалык чыгармаларды коомдук тузулуштун ар кандай жактарына карабай укук коргоого алыныш зарылчылыгы бар. Буга бир мисал катары болгон бир окуяны айткыбыз келет. XVIII-кылымдын орто ченинде Франция мамлекетинин таанымал инсандары композиторлор Поль Энрион, Виктор Паризо жана акын Эрнест Бурже Париждин ичинде жайгашкан "Амбассодор" аттуу кафенин ээсин сотко беришет. Себеби кафенин ээси кирген чыккан кишилерден орундука отурганы учун, музыка уккандыгы учун деп атайын акы алып турчу экен. Кундердун биринде учее кафеге келишип, тамагын ичип бутушуп акысын телебей коюшат. Кафенин ээсине: "Сен биздин музыканы, ырды колдонуп элден акы алып жатасын, сен да биздин чыгарманы колдонгонун учун акы тело анан биз тамакгын акысын телейбуз!" деп ультиматум коюшат. Кийин сотто авторлор женишке ээ болуп кафенин ээсин руксатсыз, акысыз чыгармаларды пайдаланып жаткандыгы учун кеп суммадагы айыпка жыгышаг. Мына ошол кунден баштап Францияда чыгармаларды жараткан авторлорду укуктук жактан коргоо системасы башталган экен.


Чыгарманы автор- инсан жаратат. Керкем чыгармалар аркылуу коомдук тузулуштегу экономикалык, саясий- социалдык енугуу калыптанат. Бул мыйзам ченемдуу керунуш. Муну танып кетуу мумкун эмес. Автордун жан дуйнесундегу керкем ой жугуртуусунен толгонуп чыккан, коомдук тузулуштун бугункусуне жана эртенине ар бир инсандарды багыттаган чыгармаларды мамлекеттик денгээлде коргоого алуу иштери кеп жылдардан бери ез нугунда кеземелге алынган эмес. Бул чындык. Эгер мындан бир топ жылдар илгери автордук чыгармалардын "элдин байлыгы" деген ат менен ар ким ез каалагандай пайдаланып оригиналдуу сеелетуне шек келтирген учурлар кеп болгон. Бугунку кунде езгечеленген коомдук тузулуштун шарданында болуп жаткан товардык ендурушке берип турган идеологияга тектеш иш- чараларын кабыл алуунун бир тарабы болуп авторлордун жараткан "товарларын" сактап, коргоп калуу учур талабына шайкеш келди. Чыгарылган товар ез баасында сатылгандай авторлорубуз жараткан "товар"- чыгармаларды рыноктук шартта колдонуучулар бул жагынан жеке ез пайдасына ыйгарылган гана маанайда материалдык жактан болгон керектеелерун бутеп жатат. Ал эми чыгарманы- "товарды" жараткан ээси ез улушуне тиешелуу чегериле турган калем акысын алуу мумкунчулугуне кепчулук учурларда ээ болбой келет. 1998- жылдын 14- январында кабыл алынган Кыргыз Республикасынын "Автордук укук жана чектеш укуктар женунде" мыйзамынын 5-беренесине ылайык "... авторлордун жана алардын укук мураскерлеринин граждандуулугуна карабастан, жарыяланган же жарыяланбаган чыгармаларга" укука ээ боло алат деп жазылган. Демек мыйзамда каралгандай автор жараткан чыгармага болгон автордук мулктук укугу чыгарма жаратылды деп эсептелген кунден баштап ез кучуне кирет. Ушул эле мыйзамдын 6- беренесинде жаратылган чыгарма билдируу ыкмаларына карабастан чыгармачыл иштин натыйжасы болуп эсептелген бардык автордук чыгармаларга жайылтылат. Бул авторлордун чыгармаларына болгон укуктарын толук бекемдеп турат.

Коке Тенир, Жер жана Адам. Мына ушул уч чон куч бири- бирине байланышкан алкакта туруп келишет. Булардын ичинен адам баласы аалам мейкиндигине учкул ой чабыты менен сабалап чыгып адамзат тирлигине керектуу, коомдук есуп-енугуу жагдайларына ыктала турган илимий негиздерди иштеп, техникалык кучтор менен изилдее шартын камтыйт. Мындай миссия, акыл, ой жугуртуу процесси бар бир гана адам баласына жуктолгену анык. Канча кылымдар бою ошол адам баласы оз турмуш жашоо шарттарын жакшы багыттарга бурууга башын сайып келет. Коомдук онугуу бир жолдон экинчи жогорулаштагы тутумдаш жолго чыгуу учуруна туш болбосун ой жугуртуу оту улам тутанып, акыл екчолуп, улуу максаттардын орусуно бет алганы, бет алган. Турмуш, жашоо эроолуно чыгат. Бирде женип бирдс женилет. Ак менен караны, адалдык менен арамдыктын айырмасын талдоого конугот. Чабуулга чыккан карама- каршылыка тешун тосуп, чындык учун жан дуйносун кукумдеп таруудай чачылып кетет. Мына ошол кучтуу касиет бир гана адам баласында бар. Адам баласы коомдук тузулуштун мейкиндигин озу чектеп тузуп алат. Аны кандайдыр бир сыйкырдуу кубулуштун аты менен байланыштыруу мумкун эмес. Байыркы Сен-Симон, Фурье ойчулдар сыяктуу Жер Эненин боюндагы адамзат пенделери табият тартуулаган, акыл азыгын зарп кылып жалпы элдин мудоосуно шайкеш келе турган максаттарга, жашап турган коомдук тузулуштун талаптарына ылайык езунун куч, дарамет, талант шыгына жараша мурунку калыптанган керунушту жанылатып езгертууге далалат кылуу парзы бар. Социалдык, экономикалык программалардын чегинде мейли кичине болобу, кеп болобу езунун салымын кепчулук умут кылган процесстерди ачуу менен инсандык аброюн, атуулдук милдетин бийиктете алары шексиз. Бул учун езубузге уч талап коюбуз керек болуп тургандай. <u>Биринчиден</u>, жалан эле озубуздун Ата-Журтубуздагы илим, билимдеги жетишкендиктерди окуп, билип уйронууге гана далалаттанбастан дуйнелук масштабдагы туу болуп турган керунуштун диалектикалык есуп- енугуу жактарын биздин элге ыктуу, пайдалуулугун кабыл алууга багытталганыбыз керек. Болгондо да ыкшоолукту таштап чагылгандай тездик журуш менен уланганыбызды суреп чыгышыбыз парз. Мунун езу илим, билим процесстерин коомдук тузулуштун кайсы гана оорчулугунда туш болуп турбайлы кунделук иш кунубуздун бир белугуне коюлушу талаптуу болуп турганы. Бугунку кунде адамдын акыл ойлору менен жашоо, тиричилигибизге кирип келген электрондук байланыштар аркылуу маалыматтарды тездик менен кабыл алуубуздун учуру эле канчалык кыска моенетте жетишкенибизди далилдеп турбайбы. "Интернет" профаммаларынан бир орунда отуруп илим менен техниканын, адабият менен искусствонун ири жетишкен турлеру менен тааныша да аласьщ, керек болсо кат жазышып кат алышып турасын. <u>Экинчиден</u>. дуйнелук айдындагы илимий-техникалык жетишкендиктерди езубуздун ондурушгун, айыл чарба тармагына чейин, жашоо, тирлигибиздин теруне чейин алып келуу максаты бар. Кеп аларды сатып алуу жолу менен гана эмес ошол олкедегу акыл эмгегинин коомдогу пайдаланышын мындан дагы кургуштете суреп уйренуубуз жакшы натыйжасын берет. Мунсуз профессия жок. <u>Учунчудон</u>, байыртадан ата- бабаларыбыздын улуттук таза, нарк- насилине тиешелуу, чыдамдуулука, кужурмендуулуке, тайманбастыка, кызматым, эмгегим эл, жер учун деген ча-

кырык улуттук идеологиянын бир принциптери экендигин, муну кичуубуздвн улуубузга чейин жан дуйнебузден орун берип, алоологон от кылып ечурбей алып журуу милдетин алуубуз абзел. Демек биз данктуу, салттуу ата-бабаларыбыздын мураскору болуп келе жатканыбызды туура тушуне билсек, ар бирибиздин тагдырларыбызды буроолор келип чечмелеп бербейт. Ал эми коомдук есуп- енугуунун процесси адамдын бутундой езуне жана айлана чойрого болгон таза дилдеги мамилесинен келип чыга турган абалы бар. взун сыйлай турган инсан жалпы элди да сыйлап багыт алган коомдун тузулушуно тик сайылып берилиши менен бийик. Коомдук тузулуштун журушундогу бутундой процесстерге багыт беруучу жетишкендиктин мойнуна алган жугу бар. Ошол оор туйшукту башынан откоруп елкодегу абалды тен салмактуулука салып, болочокту бугун коре билбесен да жан дуйнен менен сезе билуунду ырааттаган ишмер, биздин биринчи президентибиз Аскар Акаевич Акаевдин тарыхыбызда кала турган ишмердуулугун баса белгилеону атуулдук милдетим деп эсептейм. Жаны идеялык негиздеги акыркы жылдардагы программалардын практика жузундо аткарылып жатышы коомдук тузулуштун калыптанышына алып келип отурат. Эсуп- онугуу диапектикасында турмуштагы он, сол карама- каршылыктын ортолорунда дайыма кагылышуу майданы болору мыйзам ченемдуу. Биз жалгыз керт башыбыздын жумшак жаздыка коюлар жагына алектенип жандалбастап, эгоизмдин сазына батып, "Плюшкиндин кейпин кийип" ач кездуктон арамдык иштерди тартынбастан жасай баштап турганыбызда президентибиз ишенич таккан жардамчылары менен элдин камылгасын ойлоп элим, жерим кор болбосо деп езунун кадыр, баркы менен чечилбей турган курч меселелерге шымалана кирип барып жаткан дуйнелук масштабдагы окумуштуунун ишмердуулугунун портретин, аброюнун бийиктигин тузду. Адам ез гагдырына езу ээ. Жетекчилик ар бир инсандын езгечеленген суроо- талаптарын канааттандырууга милдеттуу эмес. Президент жалгыз езу жооп берууге да акысы жок. Демек адам пендечилигине кылымдар бою накыл сез катары айтылган "адамды эмгек кегертет" деген кептин керенгесу бугунку учурдун кун тартибинде турганын туя билели.

Мурунку тоталитаризмдеги демократия, гуманизм, улуттун укугу жана инсандын жекече укугу сыяктуу категориялар коомдук жаны тузулуште туп орду менен езгеруулерге туш болуп идеологиялык жактан болгон тануулоонун мааниси эмес, бутундей адамзат жашоо тиричилике керектелуучу маанайда орун ала баштады. Бул коомдун адеп-аклактык, рухий атмосферасына керектелуучу жалпы идеологиясынын тазаланышына туртку болуп отурат. Бугунку кез карашыбызда еткен мезгилдеги улуу чакырыктардын жыйындысы догма катары, метафизикалык абстрактуу ойлордогу кур кыялкечтик канондор экендиги туюлат. Ырас рухий жана материалдык маданиятыбызда кептеген улуттук нарк-насилибизге байланышкан керкем асыл деелеттерубуз жаралып, бугунку кунде да классикалык ченемдеги орунду ээлеп турат. Ыйманыбызга камчы чаппай, баардык чар тарапка мурунку "эскиликти толугу менен энсеп" турган кез караштагы адам катарында болуп керунбейлу, бирок маданиятыбыздын казынасында турган рухий керкем деелотторубузду бугун сыртка серпип сала берген бейбаштыктан алыспыз. Себеби керкем рухий дуйнебузду ошол ата-бабаларыбыздын бизге калтырган

мурастарынын алкагында есуп- ендук, тарбияландык, аны карандай танып баса беруу чекилик иш. Ырас тоталитардык идеологиянын керком маданияттын жандануусундагы чек койуулар, жалпы коомдук тузулуштун саясатына каршы бир соз жазбоого же болбосо жазылган чыгармалар башкаруучу чойрону, коммунистик партияны даназалоо, анын ишмердигин керком образдар менен чечмелеп беруу милдеттери ар бир чыгармачыл инсандардын баш сезунун биринс айланып, аны массага алып чыгууларда цензуранын "майда элегинен" еткеруу процесстери устемдук кылган жайы айкын болгондугу бар. Бугунку акырындап, аскар тоодой муздун жылжып эриген шыбышындай болгон контрмаданияттын продукцияларын конформистик эмес башкача сын кез караштагы маанай менен талдоого алуубузду учур талап кылып тургандай абал тузулду. Чет элдик массалык маданият улуттук маданиятыбыздын табиятына шек келтирип койбойбу деген ойдон да алые болушубуз керек. Басып еткен тарыхый жолубузда езгечеленуп енугуп-есуп кеткен бул же тигил улуттун жеке езуне гана тиешелуу маданияты кеп улуттуу аймактын устундо "массалык маданияттын" продукциясы болуп устемдук кыла да алган жок. Себеби устуртеден, "кум шыбакталган дубалдай" интерналиеттик маданият деген гана улуу чакырык, ундеелер басым жасап турду десек болот. Ошого карабастан "тоталитардык маданияттын" журушунде этностук маданияттын есуп-енугуу жолу бийик айдынга чыга албаса да интернационалистик маданияттын бир белугун, улуттун езуне гана улгулуу боло турган жагдайын тузген. Тарыхый контекстен алып Караганда жалпылаштырылган идеологияда улуттук маданиятгы енуктуруу саясаттары кандайдыр бир социалдык тенденция катары кеторуло алган эмес. Улуттук рухий, керкем маданият жалпы элдин ичинен талант шыгы менен диалектикалык есуп-енугуудегу эволюциялык жолдогу таалайыбызга келген улуу инсандарыбыз аркылуу сымаптай суурулуп чыгып келгендей. "Тоталитардык маданияттагы" ошол ээ жаа бербей езунун табыгый есуп-енугуусунен пайда болгон керкем чыгармаларга "контрмаданияттын кылычы" менен кол салуу, башкача айтканда кайрадан иштеп, жасалгалап, андан калса Кадык менен Осмонкулдун сталинизмди мактаган деп туруп ырынын "пырын" чыгарып жазылган ун тасмаларын erттеп жоготкондой абалды эцеегенибиз боло койбос. Деген менен керкем чыгармаларды жаратууда батыш рыногуна байланыштырылымыш этип, женил-желпи, керкем касиеттери тексиз, куну жок, чыгарма имишти угуучуга же керуучулерге сунуштай беруу адети жалпы керкем эстетикалык маданиятыбызга жаны ачылышты алып келбейт.



# У

# ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК УКУКТАРЫН ИШКЕ АШЫРУУ ЖАНА КОРГОО

# ИНТЕЛЛЕКТУАЛДЫК МЕНЧИК ТАРМАГЫНДАГЫ ИШТЕР БОЮНЧА СОТ ПРАКТИКАСЫ

*О. С. Балпанова - Кыргызпатенттин ИМ укуктарын ишке ашыруу боюнча бвлум башчысы*

## *Кириш свз*

Республиканын мыйзамдарында интеллектуалдык менчик укуктары бузулганда же ага ээ болуу учун талашта укуктарды калыбына келтирууго же таанууга багытталган чаралардын жыйындысы, ошондой эле укук ээлеринин кызыкчылыктарын коргоо караштырылган. Коргоонун эки объектиси - субъективдуу укуктар жана мыйзам тарабынан корголуучу кызыкчылыктар белунуп керсегулген.

Кыргыз Республикасынын Граждандык кодексинин 10-статьясына ылайык бузулган же талашып жаткан фаждандык укуктарды коргоо иштин ведомстволук таандыктыгына ылайык сот тарабынан ишке ашырылат.

Бул эмгекте интеллектуалдык менчик тармагында иш жузундо чыгуучу, атап айтсак, автордук укук жана онер жай менчик чейросундо чыгуучу, кыйла коп кездешуучу талаш-тартыштар женунде сез болот.

Муну менен бирге интеллектуалдык менчик тармагындагы учурдагы сот практикасы анча чон эмес, анткени ал белгилуу убакыт менен жана Кыргызпатенттин екулдеру катышкан иштер менен гана чектелген.

## *Автордук укук тармагындагы талаш-тартыштар*

Ушул чейредегу укуктук база болуп Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси менен "Автордук укук жана чектеш укуктар женунде" мыйзамы (мындан ары - Автордук укук женунде мыйзам) эсептелет.

Автордук укук тармагында Кыргызпатент аталган мыйзамдарды, Кыргыз Республикасынын Экметунун 2001-жылдын 15-мартындагы "Кыргыз Республикасынын вкметуне караштуу илим жана интеллектуалдык менчик боюнча мамлекеттик агентствосу женунде" № 100-токтомун, 1998-жылдын 17-декабрындагы "Автордук укук жана чектеш укуктардын объектилерин пайдалангандыгы учун автордук сый акынын минималдык елчемдору женунде" № 832-токтомун, ошондой эле башка нормативдик укуктук актыларды жетекчиликке алат.

Автордук укук женунде мыйзамдын 16-статьясына ылайык чыгарманын авторлору оздерунун чыгармаларын пайдаланууга уруксат беруу же тыюу салуу боюнча езгече укуктарга, ошондой эле автордук сый акы алуу укугуна ээ

болуп саналышат. Бул деген чыгарманы пайдаланууга автор менен же башка укук ээлери менен тузулген келишимдин негизинде гана жол берилет дегендикти билдирет. Чыгарманы мындай келишимсиз пайдалануу автордук укукту бузгандык болуп эсептелет.

Эгерде чыгарманы пайдалануучу автордук укук менен корголгон кайсы бир чыгарманы пайдалангысы келсе, келишим тузуу демилгеси ошол пайдалануучуга тиешелуу болуп саналат.

Чыгарманы келишимсиз пайдалануу укугу кимге таандык экендиги жонундо маалыматтын жоктугунан же укук ээсин тактоого мумкун эместигинен же аны менен байланышууга мумкунчулуктун жоктугунан келишимге кол койбой тургандыгы жонундогу билдируу жоопкерчиликтен кутулуу учун негиз боло албайт.

Кыргыз Республикасынын аймагында Автордук укук жонундо мыйзамдын 3-жана 47-статьяларына ылайык Кыргызпатент авторлордун мулктук укуктарын башкаруу боюнча уюмдун иш милдеттерин аткаруучу орган болуп саналып, анын милдеттерине чыгарма пайдаланылгандыгы учун сый акыны жыйноо жана толоп беруу кирет.

Мындай уюм кандай учурларда тузулот? Ал автордук жана чектеш укуктарды жекече ишке ашыруу кыйын болгон учурларда тузулот. Анын устуно мындай уюм езунун ишмердигинде чыгарманы пайдалангысы келген чыгарма пайдалануучулардын абалын женилдетет.

Мындай уюм мулктук укуктарды башкаруу укугун еткеруп беруу женунде укук ээлери менен тузулген келишимдин негизинде, же болбосо укук ээсинин арызынын негизинде ушул уюмга кошулууну караштырган ушул уюмдун уставынын негизинде мулктук укуктарды башкарат.

Чет елкелук авторлордун укугу авторлордун мулктук укуктарын жамааттык негизде башкаруучу чет елкелук уюмдар менен тузулген макулдашууларга ылайык башкарылат. Мындай макулдашууларды Кыргызпатент Россиянын жана Казакстандын, жана башкалардын автордук коомдору менен тузген.

Кыргызпатент пайдалануучулар менен езу башкарган укуктарды пайдаланууга лицензиялык келишимдерди тузет. Бул макулдашуулар анда керсетулген жолдор менен бардык чыгармаларды жана/же чектеш укуктардын объектилерин пайдаланууга мумкундук берет жана пайдалануу укугу бардык автордук жана чектеш укуктардын ээлеринин атынан, анын ичинде ездерунун мулктук укуктарын мындай уюмдарга бербегендердин атынан да берилет.

Автордук жана чектеш укуктардын объектилери коммерциялык максатта тузден-туз акы учун пайдаланылышы мумкун (сатуу, жалдоо, концерттерде, спектаклдерде, оюн керсетуулерде эл алдында пайдалануу, заказ боюнча кечурмелерун даярдоо, ж.б.), ошондой эле фонограммаларды пайдаланып, радио жана телеберуулерду кабыл алып, эл алдында тузден-туз аткаруу жана жалпыга маалымдоо жолу менен негизги коммерциялык ишмердикке (коммерциялык жайларда жагымдуу чейрену тузуу, кафе, бар, ресторандарда оюн-зооктор учун) кемек керсетуучу, ебелге болуучу, кардарларды тартуунун маанилуу фактору болуп саналган кошумча иш-чара катары кыйыр турде

пайдаланылышы мумкун. Автордук сый акыны корголгон чыгарманы узбей пайдаланган пайдалануучулар, ошондой эле бир жолку иш-чараларды уюштуруучулар телеп бериши керек.

Ошентип мурда корсотулгондой, Кыргызпатент пайдалануучулар менен езу башкаруучу укуктарды пайдаланууга лицензиялык келишимдерди тузот. Бирок мыйзамдын бул талаптарына карабастан иш жузунде чыгарманы лицензиялык келишим тузбестен пайдаланган учурлар болуп жатат, бул болсо автордук укукту бузуу болуп саналат.

Мындан тышкары, Автордук укук жонундо мыйзамда Граждандык кодекстин 406-статьясына ылайык лицензиялык келишим тузуунун тартиби белгиленген. Бул нормада милдеттуу тартипте келишим тузуу караштырылган.

Пайдалануучу лицензиялык келишим тузуудон баш тарткан учурларда Кыргызпатент мажбурлоо тартибинде ушундай макулдашууну тузуу жонундо талап коюп, сотко кайрылууга акылуу.

Кыргызпатент тарабынан ушундай эки доо арызы берилип, эки доо тен канааттандырылды.

Аталган доо арыздарынан тышкары, Кыргызпатент авторлордун кызыкчылыгында автордук сый акы толетуп алуу жонундо 9 доо арызын берген. Алардын ичинен 4 иш иштин манызы боюнча сотгук териштирууго чейин автордук сый акы ыктыярдуу теленуп берилгендигине байланыштуу кыскартылган, 3 доо - толугу менен канааттандырылган, ал эми калгандары жарашуу макулдашуусун тузуу жолу менен аяктаган.

Ошентип, соттордун укук колдонуу практикасы келишим тузуу милдеттуу экендигин ырастады. Келишимдин жоктугу же келишимдин жазуу жузундогу формасынын сактапбагандыгы автордук сый акы телоеден баш тартуу учун, ошондой эле автордук укуктан келип чыгуучу башка талаптарды канааттандырбоо учун негиз боло албайт.

### *Онер жай менчик тармагындагы талаштар*

Онер жай менчик чейресундегу талаштын турлеру жана алардын келип чыгышынын себептери Кыргыз Республикасынын Граждандык кодекси менен Патент мыйзамында, ошондой эле Кыргыз Республикасынын "Товардык белгилер, тейлее белгилери жана товарлар чыгарылган жерлердин аталыштары женундо" жана "Фирмалык аталыштар женунде" мыйзамдарында чагылдырылган. Аталган нормативдик укуктук актылар ойлоп табуучулар менен укук ээлеринин, ошондой эле алар менен тиешелуу мамиле тузгендердун укуктарын коргоону тартиптештирет.

Бирок бул жерде жалпы эрежеден четтее катары, граждандык укуктарды соттук коргоо женунде эстен чыгарбоо керек. Алсак, КРдин Граждандык кодексинин 10-статьясынын 3-пунктунда укуктарды административдик тартипте коргоо караштырылган. Мындай четтее мыйзам тарабынан белгилениши керек.

Онер жай менчигин коргоо женунде мыйзамдарга ылайык енор жай менчик объектилерин каттоого, коргоо документтерин алууга жана алардын жарактуулугуна байланышкан талаштарды сотко чейинки карал чыгуулар караштырылган. Мындай учурларда, мисалы, коргоо документин (алдын ала патент, патент, кубелук) берууден баш тартуу женунде экспертизанын чечимине макул болбогон етунме ээси сотко доо менен кайрылуудан мурда Кыргызпатенттин Апелляциялык кенешине (мындан ары - Апелляциялык кенеш) каршылык арызы менен кайрылышы зарыл. Товардык белгилердин, тейлое белгилеринин жана товар чыгарылган жерлердин аталыштарынын, фирмалык аталыштардын коргоого жарамдуулуктун, каттоонун шарттарына дал келбестигинен улам алдын ала патент, патент жана кубелук берууге каршы калган тапаштар ушундай эле тартипте чечилет.

Апелляциялык кецеш Кыргыз Республикасынын мыйзамдарында караштырылган, енор жай менчик объектилери боюнча келип чыгуучу талаштарды карап чыгуучу баштапкы административдик орган болуп саналат.

Ишке мындай мамиле кыйла натыйжалуу болуп саналат, анткени келип чыккан талаштарды кызыкдар тараптардын катышуусунда ар тараптан карап чыгуу экспертиза етунмену Караганда кетирип коюшу ыктымал болгон каталарды ведомствонун езу тез ондоп чыгышына, ошондой эЛе талаштар менен чатакташуулардын негизги массасынын Кыргызпатентке караштуу белугун административдик тартипте женге салууга кемек берет.

Апелляциялык кецештин чечимине талашуучу тараптардын кимиси болбосун макул болбосо енер жай менчик тармагындагы мыйзамдарда белгиленген меенеттун ичинде ал сотко даттануу менен буздурулушу мумкун. Мындай учурда сот Апелляциялык кенеш кабыл алган чечимдердин мыйзамдуулугун кеземелге алат.

Ошентип, енер жай менчигин коргоо жонундо мыйзамдарга ылайык енер жай менчик объектилерин каттоого, коргоо документтерин алууга жана алардын жарактуулугуна байланышкан маселелерди карап чыгуунун аралаш тартиби, б.а. административдик-соттук тартип караштырылган. Талашты сотко чейин административдик тартипте карап чыгуунун милдеттуулугу женунде жоболор соттук чечимдерде эске алынган. Алсак, комбинацияланган "Smirnoff' товардык белгиси боюнча аталган тартиптин сакталбагандыгына байланыштуу Кыргызпатенттин бул белгини каттоодон баш тартуу женунде чечимин жокко чыгаруу женунде доогердин доосу канааттандырылган эмес.

1996-жылдан азыркы мезгилге чейин Апелляциялык кенешке 51 каршылык арыз берилген, анын ичинен:

- товардык белгилерди каттоого алуу женунде чечимге каршы - 33;
- товардык белгилерди каттоодон баш тартуу женунде чечимге каршы - 13;
- пайдалуу моделге кубелук берууден баш тартуу женунде чечимге каршы - 1;
- ойлоп табууга алдын ала патент беруугo каршы - 2;
- фирмалык аталышты катгоодон баш тартуу женунде чечимге каршы - 2 каршылык арыз берилген.

Мындан тышкары, Апелляциялык кецешке Кыргыз Республикасынын аймагында товардык белгилерди жалпыга белгилуу деп таануу жонундо 4 арыз тушкон жана аларды карап чыгуу да ушул административдик органдын милдетине киргизилген.

Аталган мезгилдин ичинде Апелляциялык кецеш 53 каршылык арызын карап чыкты, анын ичинен "Полет", "Arda", "Plaierz Clipper", "Havana Club", "Smirnoff', "Прима" сыяктуу товардык белгилер боюнча анын 6 чечимине каршы даттануу соттук тартипте каралып чыккан.


Бардык аталган бул чечимдер кучундо калтырылды. Ошентип, Апелляциялык кецештин чечимдеринин тууралыгы соттук актылар аркылуу далилденди.

## *Корутунду*

Интеллектуалдык менчикке карата укуктар боюнча принципиалдуу корсотмолорду ишке ашырууда озгочо роль сотторго таандык. Интеллектуалдык менчик тармагындагы талаштар боюнча акыркы чечимди чыгарууну мыйзам соттордун милдетине таандык кылат. Соттор чечим кабыл алууда мыйзамды чечмелоону ишке ашырышат, анткени соттук чечимден мыйзамды конкреттуу ишке карата кандайча тушунуу керек экендиги айкын болот. Бирок айрым иштер боюнча соттук чечимдер укуктардын булагы болуп саналбаса да сот бийлигинин жогорку органдарынын сот практикасынын жалпылоолорунда судьялар учун тушундуруулер камтылат жана алар окшош талаштарды карап чыгууда колдонулат.

Ошондуктан ушул объектилер боюнча сот практикасынын кецейишине жана талаштардын санынын кобойушуно жараша интеллектуалдык менчик тармагындагы сот прктикасын жалпылоо боюнча иш жургузулушу мумкун, анткени ал интеллектуалдык менчик жонундо мыйзамдарды тушунуунун жана аларды колдонуунун туруктуу практикасын калыптандырат.

Ушуга байланыштуу интеллектуалдык менчик тармагындагы сот практикасынын маанисин баалабай коюуга мумкун эмес.



# КЫРГЫЗПАТЕНТТИН КЕЦЕШИ

# ОКУРМАНДАРГА ЖООП БЕРЕБИЗ

***"Ойлоп табууларды патенттоо жонундо " окурмандардын суроолоруна Экспертиза борборунун директорунун орунбасары, химия илимдеринин кандидаты Т. Ш. Шатманов жана методика болумунун башчысы Л.Г.Хмилевская жоол беришет***

? ***Ойлоп табууга укуктук коргоо кандай шартта берилет ?***

Эгерде ойлоп табуу катары сунуш кылынган объект жаны, ойлоп табуучулук денгээлде болсо жана енор жайында колдонууга жараса, ал укуктук жактан коргоого алынат.

**Жацылык ойлоп табуунун патент жарамдуулугунун критерийи катары**

Эгерде ойлоп табуу техниканын денгээлинде белгисиз болсо, ал жаны деп эсептелет.

Техниканын денгээли ойлоп табууга артыкчылык алган кунуне чейинки дуйнеде жалпыга белгилуу баардык маалыматтарды киргизет. Эгерде аларды камтыган булактан кайсыл гана адам болбосун таанышууга мумкунчулук алса же ага мазмуну женунде мыйзам жолу менен кабарландырылса, жалпыга белгилуу маалымат болуп эсептелет.

Билдирилген ойлоп табуунун жанылыгын аныктоодо мурда берилген, чакырылып алынбаган отунмелер (ошол эле авторлорлордун етунмелерунен тышкары) жана Кыргыз Республикасында патент жарамдуу деп таанылган ойлоп табуулар алар жонундо маалыматтар жарыяланган кунден эмес, артыкчылык алган кунден тартып эсептелет.

**Ойлоп табуу децгээли ойлоп табуунун патент жарамдуулугунун критерийи катары**

Эгерде ойлоп табуунун техниканын денгээлинен келип чыкканы адис учун ачык керунбесе, ал ойлоп табуучулук денгээлге ээ болот.

Ойлоп табуу денгээлин тушунуунун манызы - техникалык чечим чыгармачылыктын продуктусу болуш керек жана "ушул тармактагы адистер" учун белгисиз болуш керек.

Эгерде болгон белгилер, анын айрым белгилери менен дал келген чечим ачыкка чыгарылбаса, же мындай чечим ачыкка чыгарылса, бирок ойлоп табуу менен техникалык эффектиге жетишкен айырмаланган белгилердин таасиринин белгилуулугу женунде маалыматтар жок болсо, ойлоп табуу ойлоп табуунун денгээлине ылайык деп таанылат.

Ойлоп табуунун чыгармачылык мунездемесун аныктоодо, анын ойлоп табуу денгээлине ылайык салыштырылган объектилердин саны ар кандай болушу мумкун, ал эми оздору илим жана техниканынын кайсыл тармактарына болбосун тиешелуу болушу мумкун.

